# СОЦИАЛДЫК ПЕДАГОГИКА: БАЛДАРГА КАРАТА ЫРАЙЫМСЫЗ МАМИЛЕНИН АЛДЫН АЛУУ

Жалпы билим берүү мекемелериндеги
социалдык педагогдор үчүн колдонмо

Бишкек • 2013

УДК 37.0
ББК 74.00
С 69

С 69 Социалдык педагогика: балдарга карата ырайымсыз мамиленин алдын алуу: Жалпы билим берүү мекемелериндеги социалдык педагогдор үчүн колдонмо. / Түз.-авт. М.Т. Иманкулова – Б.: 2013. – 86 б.

**ISBN 978-9967-31-004-9**

Басууга Кыргыз билим берүү академиясы тарабынан сунушталган.

Бул колдонмодо балдарга карата ырайымсыз мамилени социалдык-педагогикалык алдын алуу маселелери каралат. Анда ырайымсыз мамилеге тиешелүү негизги түшүнүктөр, анын түрлөрү, пайда болуу себептери, айырмалуу белгилери, ошондой эле социалдык-педагогика алдын алуу иштерин жүргүзүү боюнча усулдук нускамалар келтирилди.

Жалпы билим берүүчү уюмдардын социалдык педагогдоруна, мектеп администрацияларына, психологдоруна, класс жетекчилерге, ошондой эле балдарга жасалуучу катаал мамиленин алдын алуу маселелерине кызыккан бардык окурмандарга арналат.

Бул колдонмо Швейцариянын өкмөтүнүн колдоосу менен, «Регионалдык изилдөө институту» коомдук бирикмеси тарабынан жарыкка чыгарылды.

С 4303000000-13

УДК 37.0
ББК 74.00

ISBN 978-9967-31-004-9

© Иманкулова М.Т., 2013
© Регионалдык изилдөө институту, 2013

# КИРИШҮҮ

Бардык балдардын толук кандуу жашоо-тиричилигин камсыз кыла алганына жараша коомдун социалдык саламаттыгын жана туруктуу өнүгүү деңгээлин билүүгө болот. Кыргызстанда өткөөл мезгилдин көптөгөн социалдык-экономикалык маселелери чечилбей, мунун айынан ырайымсыздык күчөп, жарандар коопсуз жашай албай жаткан учур. Мындай шарттарда балдар калктын эң аялуу катмарына айланып, үй-бүлөдө, мектепте, коомдук жайларда ырайымсыз мамилеге көп кабылып, социалдык чыр-чатактардан жабыр тартууда.

Мамлекет балдарды адилетсиздиктен, кордоодон, басынтуудан, адамдык ар-намысты тебелөөдөн, эксплуатациялоодон коргоого милдеттүү. Бул көйгөйдү чечүүгө билим берүүчү мекемелер белгилүү деңгээлде салым кошот. Алар балдарды социалдык жактан коргоону ишке ашырып жаткан түркүн кызматтардын жана ведомстволордун ишмердигин күчөтүүгө, алардын ишин социалдык практиканын талаптарына жакындатууга көмөк көрсөтө алат. Балдарга карата ырайымсыз мамиле болгон шартта, алардын укугун жана кызыкчылыгын коргоого мектеп дайыма активдүү катышуусу зарыл.

Кыргызстанда балдардын ар-намысын тебелеп, ырайымсыз мамиле жасалган учурлар көп эле кездешет. Бул маселе узак убакыт бою көмүскөдө калып, ал эми жалпыга маалымдоо каражаттарында тийиштүү маалыматтар кыскартылып, кыйла бурмаланган түрдө берилет. Ырайымсыз мамиле кылуу социалдык жактан өксүк үй-бүлөлөрдө эле болот деген көз караштı азыркы изилдөөчүлөр коомдук аң-сезимдин чоң жаңылыштыгы деп эсептейт. Балдарга ырайымсыз мамиле социалдык-экономикалык айырмачылыктарына карабай, калктын бардык эле катмарларында жана топторунда кездешет. Муну Кыргызстанда жүргүзүлгөн изилдөөлөр (мектептеги балдарга карата зордук-зомбулук жөнүндөгү «Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын талдоо[1]; балдарга ырайымсыз мамиле кылуу жана үй-бүлөдө алардын муктаждыктарына кайдигер кароо көйгөйлөрү»[2]; «Кыргызстандын

1 Алишева А.Р., Васильева Г.В. и др. «Балдарга карата мектептеги зордук-зомбулук: Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана саясатын талдоо» – Б.: ЮНИСЕФ, 2008.

2 Кыргыз Республикасында балдарга ырайымсыз мамиле кылуу жана алардын муктаждыктарына кайдыгер кароо. – Б.: ЮНИСЕФ, 2010. – 142 б.

мектептериндеги балдарга зордук-зомбулук көрсөтүүнүн жайылтылганы жана динамикасы тууралуу изилдөө отчету»[3] ж.б.) дагы тастыктайт.

Балдарга карата ырайымсыз мамилеге себеп болгон катачылыктар балдардын жашоо-турмушунун бардык деңгээлдерине таасир этип, инсандык сапаттарын бузулууга алып келет. Баштан өткөргөн ырайымсыз мамиле балага түздөн-түз таасир этип гана тим болбостон, анын кийинки бүтүндөй жашоо-турмушуна да кедергисин тийгизиши мүмкүн. Ошондуктан бүгүнкү күндө балдарга карата ырайымсыздыкты социалдык-педагогикалык жактан алдын алуу маселеси абдан орчундуу мааниге ээ. Аны чечүү үчүн зарыл кадамдардын бири катары жалпы билим берүү мекемелеринде социалдык педагог штаты киргизилип, бул багытта мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу курстары өткөрүлүүдө. Социалдык педагогдун милдеттеринин бири – балдарды ырайымсыздыктан коргоп, мунун алдын алуу чараларын көрүү. Социалдык педагогдорду даярдоо курстарында ушул багыттагы окуу-усулдук материалдарга муктаж экендиги аныкталды. Бул жагдай ушул колдонмону жазууга түрткү болду.

Колдонмо үч баптан турат. Алардын биринчисинде ырайымсыз мамиле тууралуу негизги түшүнүктөр, анын түрлөрү, балага зордук-зомбулук көрсөтүү жагдайлары жана диагностикалык белгилер берилген. Бул – социалдык педагогдун иштей алышы үчүн эң зарыл билимдер.

Экинчи бапта балдарга ырайымсыз мамиле жасалып жаткандыгы аныкталгандагы социалдык жактан алдын алуу тутуму (системасы), социалдык профилактика түшүнүгү жана анын түрлөрү, турмуштук татаал кырдаалга туш келген балага жардам берүү үчүн ар кайсы адистерден куралган командалардын жагдайды көзөмөлдөө усулдары көрсөтүлгөн.

Үчүнчү бап мектепте балага ырайымсыз мамиле кылуу фактылары аныкталганда жүргүзүлө турган социалдык-педагогикалык алдын алуу ишине арналды. Педагогикалык профилактика түшүнүгү берилип, социалдык педагог, класс жетекчилер жана мектеп психологу үчүн усулдук нускамалар сунушталды. Бул бапта ошондой эле Бишкек шаарындагы №33 мектеп-гимназиядагы элдештирүү кызматынын иш усулдары да келтирилди.

Колдонмодо терминдердин сөздүгү, сунушталган адабияттардын тизмеги берилди, ал эми тиркемеге балдарга ырайымсыз мамиле жасоо маселесине тиешелүү мыйзамдык-укуктук документтерден үзүндүлөр киргизилди.

---

3 Кыргызстандын мектептериндеги зордук-зомбулуктун канчалык тараганын жана күчөгөнүн изилдөө боюнча отчет. – Б., ЮНИСЕФ, 2011. – 94 б.

# 1-БАП. БАЛДАРГА КАРАТА ЫРАЙЫМСЫЗ МАМИЛЕ: НЕГИЗГИ ТҮШҮНҮКТӨР

Ырайымсыз мамиле же негизги муктаждыктарды эске албай коюу балдардын өсүп-жетилишине, ден соолугуна жана жашоосуна терс таасирин тийгизет, коомго аралашуусун кыйындатат, алардын кароосуз калып, ээнбаш өсүшүнө, башкалардын укугун бузушуна себеп болот.

Балдарга жакшы мамиле кылуу, алардын кем-карчын жана кызыкчылыгын канааттандыруу коомдун өнүгүү деңгээлин, бакубаттуулугун жана гумандуулугун гана көрсөтпөстөн, балдардын келечегин кам көргөн мамлекеттин социалдык саясатынын кыраакылыгынан да кабар берет. Бул жааттагы маселелерди чечүү, болуп өткөн кейиштүү окуяларга туура баа берүү боюнча иш-чаралар ырааттуу, комплекстүү жүргүзүлүп, ал балдарга, алардын тарбиячыларына жана жашаган чөйрөсүнө багытталышы зарыл. Мында бир катар адистердин биргелешип иш жүргүзүшү талап кылынат, ал эми социалдык педагогдор бул иште негизги ролду ойной алат. Арийне, алар эң оболу балдарга ырайымсыз мамиле кылуунун негизги түрлөрүн, факторлорун жана диагностикалык белгилерин билиши зарыл.

## 1.1. Балдарга ырайымсыз мамиле кылуунун түрлөрү жана факторлору

Ырайымыз мамиле кылуунун жана тийиштүү жагдайлардын классификацияланышы атайын адабияттарда, маалымдагычтарда, макалаларда кездешет. Аны социалдык педагог Т.А. Шишковец[4] жазган «Социалдык педагогдун маалымдагычынан», жергиликтүү авторлор М.В. Земляных жана Е.С. Заиченконун[5] дарыгерлер, психологдор, педагогдор, социалдык кызматкерлер жана ЖОЖдордун студенттери үчүн жазылган «Балдарга ырайымсыз мамиле кылуу: диагностика, жөнгө салуу, алдын алуу» аттуу методикалык колдонмосунан,

4 Земляных М.В., Заиченко Е.С. Жестокое обращение с детьми: диагностика, коррекция, профилактика. – Б.: 2003. – С. 11-17.

5 Анташева Ю.А. Деятельность школьного социального педагога по защите прав ребенка//Социальная педагогика. – М.: 2012. – №1. – С.41-46.

Ю.А. Анташеванын «Балдардын укугун коргоодо мектептеги социалдык педагогдун ишмердиги»[6] макаласынан ж.б. тапса болот.

Бул бөлүмдө биз балдарга ырайымсыз мамиле жана зордук-зомбулук көрсөтүү фактыларын аныктоого мүмкүндүк берүүчү диагностикалык белгилерди, ырайымсыз мамиленин негизги түрлөрүн жана факторлорун сүрөттөгөн, ар түрдүү булактардан алынган жалпы классификацияны беребиз.

**Балдарга карата ырайымсыз мамиленин түрлөрү**

**Ырайымсыз мамиле** – бул ата-энелер, алардын ордун баскандар, баланы тарбиялоо милдети жүктөлгөн асыроочулар жана ошондой эле баланы көзөмөлгө алууга милдеттенген адамдар тарабынан баланын дене-боюна же психикасына келтирилген зыян, баланын табигый өнүгүүсүнүн бузулушу же саламаттыгына жана өмүрүнө коркунуч туудурган жагдайларды жараткан ар кандай атайылап жасалган аракеттер же аракетсиздик.

Балага келтирилген зыяндын мүнөзүнө жараша ырайымсыз мамиленин төмөнкү түрлөрү кездешет:

- дене-бойго жасалган зордук-зомбулук (өмүрүнө же ден соолугуна зыян келтирет);
- психологиялык зомбулук (психикалык саламаттыгына зыян келтирет);
- сексуалдык зомбулук (психосексуалдык өнүгүүнү бузат);
- негизги муктаждыктарына көңүлкош болуу (психофизикалык өнүгүүсүн бузат).

**Дене-бойго зомбулук** – баланын денесине атайын жаракат келтирүү, ошондой эле күч пайдалануу (денесин оорутуу, эркиндигин чектөө ж.б.) менен анын ден соолугуна коркунуч жаратып, ченемдүү өнүгүүсүн бузган же бузулушун шарттаган көрүнүш. Дене-бойго зомбулук деп бала атайын кооптуу жерде же опурталдуу кырдаалда калган учурда чоңдор тарабынан эч кандай аракет көрүлбөгөнү да саналат.

**Сексуалдык зомбулук** – бул чоңдор тарабынан зордоо, коркутуу же ишенимди кыянаттык менен пайдалануу аркылуу баланы сексуалдык мүнөздөгү иш-аракеттерди жасоого мажбурлоо, мунун айынан баланын дене-боюна же психикасына, психосексуалдык өнүгүүсүнө зыян келиши.

**Психологиялык (эмоционалдык) зомбулукка** баланы маал-маалы менен же такай кордоп басынтуу, коркутуу, аны жаман көргөндүгүн же кайдигерлигин көрсөтүү кирет. Бул баланын эмоционалдык же жүрүш-туруш жагынан начарлашына алып келет.

6 Анташева Ю.А. Деятельность школьного социального педагога по защите прав ребенка//Социальная педагогика. – М.: 2012. – №1. – С.41-46.

**Негизги муктаждыктарын көңүлгө албоо** – бул баланын өнүгүүдөгү муктаждыктарын канааттандыруу, тамак-аш, жатар жай, медициналык жардам жана коопсуз жашоо шарты менен камсыздоо жагынан ата-эне өз милдеттерин кээде же дайыма аткарбагандыгы. Мындай мамиле баланын жаракат алышына, ден соолугунун начарлашына, өсүүдөн өксүшүнө себеп болот.

Бала ырайымсыз мамилеге кабылышы мүмкүн болгон жерлер:

- үй-бүлө;
- билим берүүчү мекемелер;
- ар кандай деңгээлдеги жабык окуу-тарбиялоо мекемелери (балдар үйлөрү, жатак мектептер, баш калкалоочу жайлар ж.б.).
- балдардын коомдук уюмдары (балдар ийримдери, секциялар, студиялар ж.б.);
- коомдук же обочо жайлар, көчө жана башка жерлер.

Катаал мамиле баланын дене-боюна, жүрүм-турумуна жана эмоционалдык абалына ар кандай деңгээлде зыян тийгизиши мүмкүн. Бул зомбулук жасалган учурдагы шарттан, ырайымсыздык даражасынан, бала менен аны кордогон адамдын ортосундагы туугандык катыштан, ырайымсыз иш-аракет канча убакыттан бери болуп келе жатканынан жана баланын айланасындагы башка факторлордон көз каранды.

Балдарга жасалган ырайымсыздыктын ар кайсы түрлөрү ар кыл жыйынтыктарга алып келиши ыктымал, бирок аларды бириктирген бир нерсе бар – баары баланын укугун бузуп, ден соолугуна жана өмүрүнө коркунуч келтирет.

**Балага ырайымсыздык кылуу жагдайлары**

Эгерде айланадагы адамдардын ар кыл аракетинен же аракетсиздигинин айынан балага зыян келтирилсе же катуу жабыр тартса, ал ырайымсыз мамиленин курмандыгы деп эсептелет. Андыктан жалпы билим берүү мекемелеринин кызматкерлери мындай мамиленин белгилерин байкап, келтирилген зыянга баа бере билүүсү абзел. Балага болгон катаал мамилени байкап, аныктоо, ага жардам берүү жана каттоо – медициналык кызматкер менен соттук-медициналык эксперттин милдети. Ал эми социалдык педагог, мектеп психологу жана класс жетекчи балага жасалган ырайымсыз мамиленин негизги белгилерин биле жүрүшү кажет. Бул үчүн алар төмөндөгү таблицаны колдонсо болот:

## Балага үй-бүлөдө катаал мамиле жасалып жаткандыгынан кабар берген жагдайлар

| Бала | Ата-эне | Үй-бүлө |
|---|---|---|
| – майыптык (оор, өнөкөт оору, айыккыс оору ж.б.);<br>– тышкы келбетиндеги мүчүлүштүктөр (тубаса кемчил, калы бар, ата-энеси ар башка улуттан);<br>– акылы кем, психикалык жана дене-бой жактан өнүкпөй калган;<br>– кебетеси жана мүнөзү жагынан сүйбөгөн жубайын эске салган балдар;<br>– бөбөк кезинде өз үй-бүлөсүнөн бөлөк жашаган, төрөлүшүнө ата-энеси наараазы болгон балдар;<br>– чарчап калган наристеден кийинки төрөлгөн балдар;<br>– көп балалуу үй-бүлөдө, удаа төрөлгөн балдар;<br>– баланын жынысы ата-эне күткөндөй болбой калган;<br>– тынчы жок уктайт, түнү төшөккө заара ушатып коёт ж.б. | – ата-эненин бири же экөө тең жаш;<br>– билим деңгээли төмөн;<br>– ата-энелик көндүмдөрү өнүкпөгөн;<br>– социалдык көндүмдөрү өнүкпөгөн;<br>– балага карата социалдык жөнсүз (баланын өнүгүү деңгээлине же мүмкүнчүлүгүнө туура келбеген) талаптарды коюшат;<br>– ата-энесинин бири же экөө тең психикалык жактан жабыркаган (психикалык оору, аракечтикке же баңгиликке азгырылган);<br>– зордук-зомбулукка байланыштуу жоопко тартылган;<br>– бала кезинде ырайымсыз мамилени баштан өткөргөн;<br>– ата-эненин бири же экөө тең оорукчан;<br>– жумушсуз ж.б. | – жесирлик;<br>– ата-энеси ажырашардагы кырдаал;<br>– никедеги туруксуздук (улам башка бирөө менен мамиле кыла беришет);<br>– жубайлар бири-бирине зордук-зомбулук кылат;<br>– ата-энесинин ортосунда мамиле начар;<br>– атасы же энеси өгөй;<br>– үй-бүлө көп балалуу;<br>– үй-бүлө толук эмес;<br>– үй-бүлө материалдык жактан начар камсыздалган;<br>– ата-энелердин ортосундагы мамиле бузулган;<br>– баланы тарбиялоого көз караштары бирдей эмес;<br>– эки башка улуттагы адамдар никеге турган;<br>– эки башка диндин өкүлдөрү никеге турган;<br>– ата-эне менен баланын ортосунда чыр-чатак болуп турат;<br>– үй-бүлөдө өкүмчүл тарбия басымдуулук кылат ж.б. |

| Баланын инсандык өзгөчөлүктөрү | Ата-энесинин инсандык өзгөчөлүктөрү | Үй-бүлөдөгү психологиялык шарт-ыңгайдын өзгөчөлүктөрү |
|---|---|---|
| – мүнөзү кырс, кыжырдуу;<br>– күтүүсүз иш-аракетке жакын;<br>– тынчы жок, тентек;<br>– агрессивдүүлүк (терс сезимдерди кыйкырык, өкүрүк, мушташ ж.б. менен чыгарат);<br>– жүрүш-турушу бузулган (теңтуштары менен мамилеси начар, башкаларга кайдигер, жалган айткан адаты бар, окуудан, үйдөн качат ж.б.);<br>– түнт, көңүлү чөккөн, кайдигер, бир нерсеге же бирөөгө өтө жабыша берет ж.б.;<br>– социалдык көндүмдөрү начар өнүккөн ж.б. | – кыйынчылыкка чыдамкай эмес;<br>– эмоционалдык жактан өнүкпөгөн;<br>– кыжырдуу;<br>– шекшиме;<br>– бирөөнүн кайгы-кубанычын бөлүшүүгө жөндөмсүз, кайдигер;<br>– ата-эне баласынын кандай муктаждыктары барлыгын билбейт;<br>– баладан «чоңдорчо» жүрүш-туруш күтүшөт;<br>– баладан ата-эне өздөрү жетпей калган ийгиликти күтөт;<br>– ж.б. | – өзүнүн эмоциясын жана сезимдерин ыгы менен туюнта билишпейт;<br>– адамдар менен жакшы мамиле түзүү жагынан тажрыйбасы (шеригинин ниетин түшүнүүгө аракеттенүү; анын ордуна өзүн коюп көрүү, өнөктөштүн айтканын уга билүү, анын психологиялык абалын түшүнүп, туюу ж.б. жөндөмү) аз же жокко эсе;<br>– ата-эне өздөрүнүн жана балдарынын психологиялык муктаждыктарын түшүнбөйт;<br>– үй-бүлөдө аял менен эркектин орду туура аныкталбаган ж.б. |

## 1.2. Балдарга ырайымсыз мамиле кылуунун диагностикалык белгилери

**А. Дене-бойго жасалуучу зомбулуктун белгилери:**

- чоң адам балага жардам берүүнү, колдоо көрсөтүүнү каалабайт же жардам берүүнү эч себепсиз кечеңдетет;
- чоң адам жаракат жөнүндө чындыкка коошпогон, баланын жаш курагына, жаракаттын көрүнүшүнө туура келбеген жүйөөлөр менен түшүндүрөт;
- жаракат үчүн башка бирөөлөрдү же баланын өзүн күнөөлөйт;
- баланын жаракаттарын көрмөксөн, билмексен болуп жүргөн;

- айткан маалыматтары карама-каршылыктуу;
- күнөөсүнүн айрым гана бөлүгүн моюнга алат ж.б.

Төмөнкүлөр байкалган учурда баланын дене-боюна зомбулук жасалды деп күмөн саноого болот:

- баланын денесиндеги жаракаттардан улам ата-эне медициналык жардамга бир нече ирет кайрылса;
- баланын жаракаттарынын түрү ата-энесинин айткандарына дал келе бербесе;
- ата-энеси баласы жаракат алгандан кийин дарыгерге кайрылуудан себепсиз баш тартса;
- баланын жүрүм-турумунан ырайымсыз мамилеге кабылгандыгынан кабар бере турган белгилер (психологиялык жабыгуу, тынчы жоктук ж.б.) байкалса;
- ата-энелер баланын жаш курагына дал келбеген талаптарды койсо ж.б.

Баланын денесинде көгөргөн тактар пайда болуп, терисинин өңү өзгөргөндүгү анын физикалык зомбулукка туш болгонунан кабар берет. Андай белгилер, адатта, бала өзү жаракат келтире албай турган жерлерде жайгашат. Көбүнчө көздүн, ооздун тегерегинде, билектеринде, белинде жана башка жерлеринде кездешет.

Баланын ***дене-бой жактан зордук-зомбулукка кабылгандыгынан кабар берүүчү*** психологиялык абалына жана жүрүм-турумунун өзгөрүүсүнө байланышкан белгилери:

- бала ата-энесине жакындагандан коркот;
- ыкшоо, түнт же зулум;
- бардык эле адамдар жакындаганда, жалтаңдай берет;
- корккону көзүнөн да сезилип турат;
- көңүлү чөккөн, санаалуу, кыжаалат;
- жүрүм-турумунда түшүнүксүз өзгөрүүлөр байкалат;
- мектептен кетип жатканда коркуп, тынчсыздана баштайт;
- үйдөн качат;
- колундагы жана мойнундагы канталап, көгөргөн жерлерин жашырууга аракеттенет, мисалы, жеңи, этеги узун көйнөк же свитер кийип жүрөт;
- сабактагы кемчиликтерин ата-энесине айтпоону суранат.

**Дене-бой жагынан зомбулукка кабылган балдардын жүрүм-турумундагы өзгөчөлүктөр:**

*Мектеп жашындагы кенже курак:*

- жаракат алган, көгала болгон жерлеринин себебин жашырууга далалат кылат;
- жалгыз жүрөт, достору жок;
- мектептен кийин үйгө баруудан коркот ж.б.

*Өспүрүм курак:*

- үйүнөн качат;
- өзүн өлтүрүүгө аракет кылат;
- жүрүм-туруму начар;
- тамеки, алкоголь, баңги, уулуу каражаттарды пайдаланат ж.б.

**Б. Сексуалдык зомбулукка кабылгандагы белгилер:**

- сексуалдык маанидеги кыймыл-аракеттерди жасайт, жүрүм-туруму да жаш курагына туура келбейт;
- сексуалдык мазмундагы сүрөттөргө көп кызыгат, ушундай сөздөрдү да көп колдонот;
- башка балдарды сексуалдык аракеттерге тартууга аракеттенет;
- жашы жете элек өспүрүм башка балдарга сексуалдык зомбулук көрсөтөт;
- бала аялдардан, кыз эркектерден качат;
- теңтуштарынан обочолонот;
- жыныстык катнашты эрте баштап, өнөгүн тез-тезден алмаштырып турат ж.б.

Зомбулуктун мындай түрү боюнча чоң адам менен баланын ортосундагы байланыш көбүнесе балдардын медицина кызматкерлерин чочулаткан бөтөнчөлүктүү көйгөйлөрү байкалганда аныкталат. Айрым балдар же өтө кичинекейлигинен, сүйлөй албагандыктан, же кимге кайрылаарын билбегендиктен бул тууралуу айтып бере алышпайт. Чоңураак балдар тегерегиндеги адамдар шылдыңдайт деп коркуп, жашырып жүрө беришет.

Балдардын психиатриялык же неврологиялык мандемдери уйкусу бузулгандан, тамакка табити тартпай калгандан, теңтуштары менен мамилеси начарлагандан, жөнү жок корко бергенден, окуудан жетишпегенден, чыр-чатакка жакын болуп кеткенден, маанайы пас болгондон, кыйкырып жиберген адаты пайда болгондон, башы, ичи ооругандан ж.б. байкалышы мүмкүн.

**Зомбулуктун мындай түрүнө байланыштуу ар түрдүү курактагы балдардын жүрүм-турумундагы өзгөчөлүктөр**

***Мектеп курагындагы кенже балдар*** – улууларга карата карама-каршылыктуу сезимдери, коркуу, уялуу, жийиркенүү, жашоого ишенимсиз көз караш менен кароо, адамдардан качуу сыяктуу өксүктөрү байкалат; уйкусу бузулуп, табити жоголот; жүрүш-турушу агрессивдүү, унчукпас болуп же тескерисинче көп сүйлөй баштайт ж.б.

***9-13 жаштагы балдар*** – жогорудагы белгилерден тышкары чүнчүү, өзүн жоготуп койгон (шок) абалга келүү, обочолонуу, башка

балдарды жыныстык катнашка кыстоо сыяктуу карама-каршылыктуу жүрүм-туруму байкалат.

***13-18 жаштагылар*** – уялуу, жийиркенүү, күнөөлүү сезүү, ишенбестик, улууларга карата карама-каршылыктуу сезим, өзүнүн жана үй-бүлөсүндөгү социалдык ролдордун калыптанбагандыгы, өзүн керексиз сезүү; жүрүм-турумунда өз жанын кыюуга аракеттениши, үйүнөн кетип калышы, чырдуу жүрүш-туруш күтүшү, курбулары менен колтукташа басуудан, эмоциясын эркин туюнтуудан өтө эле тартына бериши ж.б.

**В. Психологиялык зомбулуктун белгилери**

Балдардын психологиялык жактан жабырлангандыгы жүрүм-турумунан жана кебете-кешпиринен байкалат. Мисалы, дене-боюнун өспөй, камкордукка алынбай, ата-энеси тарабынан жакшы каралбай, тиешелүү көңүл бурулбай калгандыгы төмөнкүдөй белгилерден көзгө урунат:

- гигиеналык жактан кароосуздугу;
- кийиминин кирдиги, жыртылгандыгы;
- кийиминин жыл мезгилине ылайыксыздыгы;
- арыктыгы;
- ата-энесинин карабагандыгынан улам капысынан алган жаракаттары.

Психологиялык зомбулукка туш болгон балдардын жүрүм-турумундагы өзгөчөлүктөр:

- психикалык өнүгүүдөн артта калгандыгы;
- маанайынын чөгүңкүлүгү;
- тынчсыздана берүүчүлүгү;
- түнттүгү, бейтааныш чоңдор менен мамиле кылуудан коркуусу же тескерисинче өтө ишенчээктиги;
- ылгоосуз эле ар кимге тартыла берүүчүлүгү;
- башка балдар менен тил табыша албагандыгы;
- ата-энесине берилип жакын боло албагандыгы;
- сабакты начар өздөштүргөндүгү.

**Психикалык жабырланууга туш болгондордун курактык өзгөчөлүктөрү**

***Башталгыч мектептегилер*** – окуусунун начар, теңтуштары басынтат, социалдык көндүмдөрү өнүкпөгөн.

***9-13 жаштагылар*** үйдөн качышы, жүрүм-туруму начарлап, бузулушу, окуудан артта калышы мүмкүн.

***13-18 жаштагылар*** чүнчүп, чыр, зулум болуп кетиши, жүрүм-туруму өзүнө зыян келтириши, өзүн башкалардан кем санашы, психосоматикалык оорулардан жабыркашы мүмкүн.

**Психологиялык (эмоционалдык) жактан жабыркашы мүмкүн болгон балдар**

- мүмкүнчүлүгү чектелүү балдар;
- тукум куучулук оорусу же башка өзгөчөлүгү бар балдар;
- тарбияда өкүмчүл, катуу көзөмөлдөө ыкмаларын колдонгон үй-бүлөнүн балдары;
- өз ара ырайымсыз мамилени адатка айланткан үй-бүлөлөрдүн балдары;
- алкоголь, баңгизат пайдаланган, депрессиядан жабыркаган ата-эненин (же жалгыз бой атанын, эненин) балдары;
- үй-бүлөсүндө социалдык-экономикалык же психологиялык көйгөйлөрү бар балдар.

**Психологиялык (эмоционалдык) зомбулук жасаган чоңдордун жүрүм-турумундагы өзгөчөлүктөр:**

- бала муктаж болуп турганда, аны колдоп, жубатышпайт;
- баланы элдин көзүнчө кемсинтип, урушуп, тилдеп, кордоп, шылдыңдашат;
- башка балдарга аны кордош үчүн салыштырышат, аны сындап турушат;
- болгон кырсыктын баарына баланы күнөөлөшөт ж.б.

**Баланын кароосу жок экендигин көрсөткөн белгилер:**

- чарчаңкы, уйкусурап жүрөт;
- бети-башы, кийими кир;
- дене-бою арык;
- оорукчан;
- сүйлөө жана кыймыл жагынан өксүгөн;
- дайым курсагы ач жүрөт;
- өзүн башкалардан кем санайт, начар окуйт;
- зулум, күтүүсүз кыймыл-аракет жасап жиберет;
- жүрүш-турушу жаман ж.б.

**Г. Баланын муктаждыктарына кайдигер карагандыктын белгилери**

***6-12 жаштан өйдө:*** окууда жетишпейт, сабактан качат, теңтуштары кодулайт, көңүл бөлүп койгон кишиге абдан тартылат, коомго жат жорук-жосундарды адат кылат, чыр, үйдөн качат.

***12 жаштан өйдө:*** чүнчүп, жабыгат, зулум, чырдыгы күчөйт, тынсыздана берет, өзүн башкалардан кем санайт, өз жанына кол салууга аракеттенет, психосоматикалык ооруга чалдыгат, психоактивдүү заттарды пайдаланат, укук бузууга жана кылмыш кылууга аралашат.

Кийинки бапта балага жасалган ырайымсыз мамиле аныкталган учурдагы социалдык-профилактикалык иш-чаралар тутумун (системасын) карап көрөбүз.

# 2-БАП. БАЛА ЫРАЙЫМСЫЗ МАМИЛЕГЕ КАБЫЛГАНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ПРОФИЛАКТИКАЛЫК ИШТЕРДИН ТУТУМУ

Баланы үйдөгү, мектептеги жана башка коомдук жайлардагы ырайымсыз мамиледен калкалоо максатындагы иш-чаралар абдан зарыл жана маанилүү. Мындай социалдык-профилактикалык иш-чаранын мүнөзү жана мазмуну конкреттүү бир балага байланыштуу болгон учурда, ал ошол баланын муктаждыктарына жана мүмкүнчүлүгүнө жараша аныкталат.

Социалдык алдын алуу чаралары психологиялык, педагогикалык, медициналык, социалдык-педагогикалык ж.б. профилактикалык башка иштердин ийгиликтүү жүзөгө ашырылышына өбөлгө түзөт.

## 2.1. Балага карата ырайымсыз мамилени социалдык жактан алдын алуу тутумунун өзгөчөлүктөрү

**Ырайымсыз мамилени социалдык жактан алдын алуу баскычтары**

Изилдөөчүлөр социалдык алдын алууну социалдык уюшулган иш-мердик катары карап, анын негизги баскычтарынын ырааттуу катарларын бөлүп көрсөтүшөт:

1. Эскертүү стадиясы, максаты – баланы тарбиялоо. Мында ата-энелер жана педагогдор баланын кеңири жана толук кандуу пикир алышуу чөйрөсүн, адамдар менен оңой тил табышып, мамиле түзө билүүсүн калыптандыруу үчүн, анын келечегине кам көрүшөт.
2. Алдын алуу стадиясы баланын жашоосундагы татаал турмуштук кырдаалдарга жол бербөө үчүн эффективдүү жана өз маалында чара көрүүгө багытталган. Балага жасалган кандай иш-аракет зомбулук деп эсептелээрин жана ал балага да (психологиялык жана социалдык өнүгүү жаатында), үй-бүлөгө да (укуктук жаатта) кесепети тиерин ата-энелерге

түшүндүрүү менен, үй-бүлөдөгү балдарга жасалуучу ырайымсыз мамилени алдын алууга болот.

3. Тыюу стадиясы – баланын өзүнө жана айланасындагыларга, бүтүндөй коомго залакасы тие турган жоруктарын жана иш-аракеттерин тыюу. Бул өңдүү аракеттерди айыптаган же кайталанышына жол бербеген коомдогу мыйзамдык, адеп-ахлактык, педагогикалык, административдик жана башка чаралар так ушул маселени чечүүгө арналган.

Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун нускамасы боюнча балдарга ырайымсыз мамиленин алдын алуунун биринчи, экинчи жана үчүнчү профилактикалык баскычтары айырмаланат.

Мамлекеттеги калктын жаш курагына карабастан, бардык катмарына көрүлүүчү чараларга тиешелүү «биринчи профилактика» термини колдонулат.

«Экинчи профилактика» термини ырайымсыз мамилени баштан кечире элек, бирок ага туш болуу коркунучу бар балдарга багытталган чараларды түшүндүрөт.

«Үчүнчү профилактика» термини бала зордук-зомбулукка кабылгандан кийин, ага жардам берүү жана анын келечекте кайталанбашы үчүн аткарылуучу алдын алуу иштерине тиешелүү.

**Социалдык профилактиканын усулдары**

Социалдык алдын алуу ишин жогоруда көрсөтүлгөн баскычтарда ырааттуу жүзөгө ашырууда ишмердиктин ар түрдүү ыкмалары жана усулдары пайдаланылат. Социалдык алдын алуу усулдарынын мындай түрлөрү бар:

1. *Медициналык-социалдык.* Бул усулдар адамдын дене-бой жана социалдык саламаттыгынын тиешелүү деңгээлин сактоого керектүү шарттарды түзүүгө багытталган. Ага медициналык-социалдык агартуу, жашоонун сергек мүнөзүн үгүттөп жайылтуу, медициналык-социалдык колдоо (патронаж) ж.б. кирет.
2. *Уюштуруучулук-административдик* – социалдык көзөмөлдөө тутумун түзүү, укуктук жана мыйзамдык жактан ылайыктуу базаны иштеп чыгуу, социалдык алдын алуу ишмердигин жүзөгө ашыруу үчүн тийиштүү органдардын жана мекемелердин тутумун түзүү. Усулдардын бул тобуна социалдык текшерүү жана көзөмөлдөө, социалдык башкаруу менен пландаштыруу ж.б. кирет.
3. *Укуктук.* Адамдардын социалдык жашоо-турмушунун бардык тармактарындагы ишмердигине шайкеш укуктук жана жүрүм-турумдук эрежелерди иштеп чыгуу аркылуу тийиштүү ченемдердин сакталышын көзөмөлдөөчү натыйжалуу жана

таасирдүү тутум түзүүгө багытталат. Бул усулдук топко укуктук агартуучулук, укуктук көзөмөлдөө, укуктук чаралар ж.б. кирет.

4. *Педагогикалык* – инсандын коомго шайкеш баалуулук тутумун, ченемдерин, үлгүлөрүн жана идеалдарын калыптандыруу, билим жана дүйнө тааным деңгээлин жогорулатуу. Ага билим берүү, тарбиялоо жана агартуу усулдары кирет.
5. *Экономикалык.* Адам жашоосунун алгылыктуу жана татыктуу болушуна, материалдык муктаждыктарын канааттандыруу үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө багытталган. Бул сыяктуу маселелерди чечүү үчүн көбүнесе экономикалык жактан өбөлгө түзүү, экономикалык жеңилдиктер жана колдоо көрсөтүү ж.б. ыкмалар пайдаланылат.
6. *Саясий.* Коомдогу бардык социалдык субъектилерге тиешелүү алкакта өзүнүн кызыкчылыгын коргоого мүмкүндүк берген, саясий укуктардын, эркиндиктердин, баалуулуктардын жана багыттардын эффективдүү тутумун түзүүгө багытталат.

Социалдык алдын алуунун бул усулдары комплекстүү пайдаланылса, башкача айтканда, тийиштүү иш-чаралар тутуму иштелип чыгып, жүзөгө ашырылса, натыйжасы кыйла жогору болот. Кайсы максаттарга багытталгандыгына жараша бул иш чаралардын төмөндөгүдөй түрлөрүн айырмалоого болот:

- нейтралдоочу, кандайдыр бир тенденцияны, мүмкүнчүлүктү тыюуга багытталган ж.б. (мисалга, ата-энелик укуктан ажыратуу);
- компенсациялоочу, жоготуунун ордун толтуруу максатын көздөйт (ырайымсыздыктан жабыркаган баланы атайын борбордо реабилитациялоо);
- эскертүүчү, социалдык же инсандык начар жоруктарга түрткөн кырдаалдардын болбошун шарттоого багытталган (бейжай үй-бүлөдөн баланы ажыратып алуу);
- четтетүүчү, ушундай кырдаалдарды жоюуга багытталган (баланы балдар үйүнө жайгаштыруу же асыроочу адамды дайындоо);
- көзөмөлдөөчү, кийинки социалдык-профилактикалык иш-чаралардын натыйжалуулугун текшерүүгө өбөлгө түзөт.

**Баланы ырайымсыз мамиледен коргоо тутуму**

Балдарды зордук-зомбулуктан коргоо тутумунун негизги компоненттери: көйгөйдү билүү жана түшүнүү, атайын юридикалык тутум, жабыркаган балдар жана алардын ата-энеси менен, балдарга ырайымсыз мамиле жасагандар менен иштеген атайын кызматтар болуп саналат.

Баланы ырайымсыз мамиледен коргоо тутумунун төмөнкүдөй элементтери бар:

- тутумдун мыйзамдык негизи жана ченемдик-укуктук камсыздалышы;
- жардам берүү, алдын алуу жана калыбына келтирүү кызматтары;
- катышуу объектилери;
- таасир кылуу субъектилери;
- эртелеп кам көрүү жана алдын алуу программалары;
- тутумду башкаруу.

Республикада балдардын укугун коргоо жана жүзөгө ашыруу боюнча бир топ маанилүү кадамдар жасалган, демократиялык коомдогу баланын укугуна тиешелүү принциптердин баары таанылган.

Баланын укуктары жөнүндө конвенция[7] ратификациялангандан соң, Кыргызстанда балдарды коргоо маселелери, анын ичинде балдарды ырайымсыз мамиледен коргоо тууралуу дагы мыйзамдык-укуктук документтерге өзгөртүүлөр киргизилип, иштелип чыккан. Алардын ичинен Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктан социалдык-укуктук коргоо жөнүндө»[8] мыйзамын (анда балдарга ырайымсыз мамиле жана зордук-зомбулук кылууда жазалоо жана алдын алуу чаралары каралган); Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндөгү кодексин[9] (2006-жылы кабыл алынып, 2012-жылы жаңы редакциясы бекитилген, «Кылмыштан же ырайымсыздыктан жабыр тарткан балдарды коргоонун өзгөчөлүктөрү» деген 12-бабы кошумчаланган), Кыргыз Республикасынын Жазык кодексин[10] бөлүп көрсөтүүгө болот.

Мына ушул документтерге ылайык, республикада профилактика, калыбына келтирүү жана жардам көрсөтүүнүн төмөндөгүдөй кызматтары бар:

- кыйын абалда калганда чара көрүүчү кызматтар (балдар үчүн кризистик борборлор же убактылуу баш калкалоочу борборлор, кризистик ишеним телефондору);
- асыроо жана камкордук көрүү милдетин аткаруучу кызматтар (балдар үйлөрү, интернаттар, бөбөк үйү, багып алган үй-бүлөлөр);
- калыбына келтирүү жана жардам көрсөтүү кызматтары (социалдык-психологиялык борборлор, юридикалык

---

7 Баланын укуктары боюнча конвенция, 1989.

8 Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөдөгү зомбулуктан социалдык-укуктук коргоо жөнүндө» мыйзамы, 2003.

9 Кыргыз Республикасынын Балдар кодекси / Жогорку Кеңештин 2012-жылдын 31-майындагы, №100 токтому.

10 Кыргыз Республикасынын Жазык кодекси, 2003.

консультациялар, бейтапканалар, балдар ооруканалары, социалдык калыбына келтирүү борборлору);
- балдардын бош убактысын уюштуруу кызматтары (балдар клубдары, чыгармачылык үйлөрү, музыкалык, спорттук мектептер менен секциялар) ж.б.

Азыркы кезде ырайымсыз мамилеге кабылган балдарга жана өспүрүмдөргө жардам берүү иши ыкчам колго алынып, өркүндөтүлүүдө. Бул жаатта айрым ийгиликтер менен катар кемчиликтер да кездешет.

Мисалы:
- буга чейин иштеп келген жана жаңы ачылган борборлордун, уюмдардын ж.б кызматтардын иши чаржайыт жүргүзүлүүдө;
- балдарга ырайымсыз мамилени болтурбоо максатындагы иштерге ведомстволук тоскоолдор сакталууда;
- ар башка багыттардагы адистердин биргелешип иштөө тажрыйбасы аз;
- мындай кызматтарга кесипкөй адистерди даярдоо ыкмалары иштелип чыкпаган;
- адистердин ведомство аралык команда курамында иштешүү көндүмдөрү жок;
- адистер жамааттык жоопкерчиликти бөлүшө жана чогуу көтөрө билбейт;
- жайгашкан жеринин ыраактыгына жана мындай тейлөөлөр акысыз эместигине ж.б. байланыштуу калктын калың катмарына жетпей жатат.

Кыргызстанда балдарды зордук-зомбулуктан жана ырайымсыз мамиледен коргоо тутумунун иштөөсү үчүн зарыл кызматтардын көпчүлүгү түзүлгөн, бирок алар атайын жардамга муктаж балдардын баарына жеткиликтүү боло элек.

Көбүнесе, баланын өмүрүнө коркунуч жаралган учурда аны үй-бүлөсүнөн ажыратып, ооруканага жаткырышат, туугандарына беришет же убактылуу баш калкалоочу жайларга жайгаштырышат.

Балдарга ырайымсыз мамиле жасалган кырдаалдар тууралуу Кыргызстанда анык, так статистиканын жоктугу да чоң көйгөй жаратууда. Бул боюнча ар түрдүү кызматтардын жана ведомстволордун маалыматтары болгону менен, алар көбүнчө карама-каршылыктуу бойдон калууда.

Анык, туура маалымат алууну кыйындаткан объективдүү себептер да бар. Биринчиден, ырайымсыз мамиле жалгыздап, негизинен, эл көрбөгөн ээн жерде жасалат, ошондуктан аны туура аныктоо оңой эмес. Экинчиден, биздин менталитетибиздин өзгөчөлүгүнө байланыштуу зордук-зомбулук аракеттеринин көбү билинбей, жабылуу

бойдон кала берет. Анын үстүнө, зордукчул жана зордукчул эмес иш-аракеттерди айырмалоонун да так чеги жок.

Кыргызстанда коргоо тутумунун толук кандуу иштеши үчүн зарыл кызматтар жетиштүү өнүгө элек: айталы, зордук-зомбулуктун алдын алуу боюнча атайын дисциплина аралык борборлор, балдарды жана өспүрүмдөрдү коргоо жана жеткиликтүү юридикалык жардам берүү тутуму өнүккөн эмес ж.б.

Балдарга катаал мамиле жасоо фактылары үй-бүлөлөрдө улам көбүрөөк байкалууда. Социалдык педагог баланын үй-бүлөдөгү чөйрөсүн талдаганда, чечүүчү мааниге ээ болгон таасирдин төмөнкү типтерин эске алышы керек:

- *Үй-бүлөдөгү тарбиянын туура эместиги* (баланын психофизикалык жана инсандык мүмкүнчүлүгүнө туура келбестиги), мисалы, баланы эмоционалдык жактан кодулашат, чыр-чатак көп болот, ата-эне уруп-сабап тарбиялоону туура деп эсептешет;
- *Туруксуз (толук, толук эмес) үй-бүлө,* ажырашуу алдындагы үй-бүлө, баланын ата-энесинен узак убакыт бою бөлөк жашоосу;
- *Коомго жат, ынтымагы жок* үй-бүлө, андагы ата-эне жана чоң кишилердин аракечтикке берилгендиги, жүрүм-туруму адеп-ахлакка карама-каршы келгендиги, кылмышка жакындыгы. Үй-бүлөлүк мамиленин бузулушу «социалдык жетим» деген көрүнүштү пайда кылды – балдар ата-энесинен тирүүлөй ажырап, жардамга муктаж болууда.

Бакубат үй-бүлөлөргө караганда бейжай үй-бүлөлөрдө социалдык маалымат көбүрөөк бурмаланууда, андыктан үй-бүлөлүк тарбиянын балага тийгизген таасири солгундап жатат. Мунун себеби көпчүлүк үй-бүлөлөрдө мурдагыдай ата-эненин социалдык-психологиялык өзгөчөлүктөрүнө эле эмес, экономикалык жагдайларга да көбүрөөк байланышкан. Натыйжада баланын ар тараптуу жетилиши кыйындап, анын эмоционалдык жашоосу жардыланууда, чүнчүп кетүү коркунучу да күчөп баратат.

Таасир этүү субъектилери – тутумдун (системанын) ишмердигин камсыз кылган ведомстволордун адистери: билим берүү мекемелеринин социалдык педагогдору, мугалимдер, психологдор, дарыгерлер, жашы жете электердин иши боюнча инспекторлор, социалдык кызматкерлер, асыроо жана камкордук көрүү органынын кызматкерлери, юристтер ж.б. Алар көптөгөн чет мамлекеттердегидей эле, райондук, шаардык, айылдык ж.б. деңгээлдерде ***ведомство аралык кесипкөй топторго*** биригип иш жүргүзсө болот. Бул балдарды ырайымсыз мамиледен коргоого жана алдын алуу иш-чараларынын ырааттуу

жана натыйжалуулугун арттырууга өбөлгө түзмөк. Мындай топтордун негизги милдети:

- маалымат-талдоо (балага карата социумда, үй-бүлөдө, билим берүүчү жана башка мекемелерде ырайымсыз мамиле боюнча маалыматтарды жыйнайт);
- зордук-зомбулук же ырайымсыз мамилеге байланыштуу баланы (же башка арызданууучуну) алгачкы кабыл алуу;
- балага жана үй-бүлөгө иш жүзүндө комплекстүү жардам уюштуруу;
- опуртал топтордогу үй-бүлөгө, өспүрүмгө жана балага социалдык мониторинг жүргүзүү;
- уюштуруучулук-профилактикалык жумуштар (ата-энелердин, эмгек жамааттарынын алдында чыгып сүйлөө, ЖМК аркылуу маалымат берүү, администрация менен жолугушуулар, адистер арасында конференцияларды, балдардын укугун коргоо боюнча акцияларды өткөрүү ж.б.).

Бул көйгөй жаатында балдар менен иштешкен адистер менен катар эле бүтүндөй коомдоштуктун да атайын билимдерге ээ болуусу – балдарды ырайымсыз мамиледен коргоо тутумунун иштеп кетишиндеги маанилүү талаптардын бири. Бирок бүгүн адистердин бул багыттагы атайын билимдерге таянып иштөө үчүн даярдыгы дайым эле жетиштүү боло бербейт. Алардын окуусу натыйжалуу болушу үчүн дисциплина аралык мүнөзгө ээ болгону оң. Мындай окутуунун бир формасы – ар түрдүү тармактагы адистердин башын бириктирүүчү ***жагдайды көзөмөлдөө технологияларын*** өздөштүрүү.

## 2.2. Жагдайды көзөмөлдөө технологиясы адистердин зордук-зомбулуктун алдын алуу боюнча биргелешип иштешүү ыкмасы катары

Психологиялык, инсандар аралык, педагогикалык, социалдык жана башка көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган социалдык педагогиканын негизги ыкмаларынын бири – конкреттүү көйгөй жараткан кырдаалдын үстүнөн иштөө.

Бул технологиянын өзгөчөлүгү – мында кырдаалды мониторингдөө менен ага башка мекемелерди тартуу, баланы, анын чөйрөсүн өнүктүрүү максатында иш-аракеттерди ыраатташтыруу жана натыйжаларды көзөмөлдөө иштеринин баары бир максатка багытталат.

Жагдайды көзөмөлдөө процесси башкаруучу моделдерге абдан жакын, андыктан бул ыкма кандайдыр бир деңгээлде, универсалдуу усул катары да каралышы мүмкүн.

Аталган технологияны Кыргызстандагы социалдык педагогдордун биринчи форумуна Украинадан келип катышкан эл аралык консультант И.Д. Зверева тааныштырып, жыйындын катышуучуларына мастер-класс өткөргөн. Жагдайды көзөмөлдөө технологиясы Кыргыз билим берүү академиясынын билимди жогорулатуу курстарында сынактан өткөрүлүп, угуучулардын жылуу пикирине арзыды. Бул китептеги кыскача берилген тийиштүү баянды социалдык педагогдор иш жүзүндө пайдалана алат деп ишенебиз.

**Жагдайды көзөмөлдөө**




Бул технология балага социалдык-педагогикалык жардам берүүдө дисциплина аралык комплекстүү мамиле кылууга багытталгандыгы менен баалуу.

Жагдайды көзөмөлдөөнүн жүрүшүндө муктаж балдарга, үй-бүлөлөргө социалдык педагог, ар түрдүү кызматтар жана ведомстволор жардам берет.

Жагдайды көзөмөлдөө макро жана микродеңгээлдерде: баланын да, тутумдун да деңгээлинде жүргүзүлөт.

**Жагдайды көзөмөлдөөнүн негизги принциптери** – дисциплина аралык жана ведомство аралык өз ара аракеттенүү жана кызматташуу, ишмердиктин уланышы, коомдун өзгөчө социалдык маданиятын калыптандыруу.

**Жагдайды көзөмөлдөөнүн** түрдүү моделдери бар: мультидисциплинардык, трансдисциплинардык, дисциплина аралык (кесип аралык). Алар бул технологиянын натыйжалуулугун арттыруучу, ар кайсы кызматтардын ишин макулдаштырууга багытталган командалык ыкма менен жүргүзүлөт.

Бул – атайын социалдык-педагогикалык муктаждыктары бар адамдын өздөшүүсүн (идентификацияланышын) туура нукка салуу үчүн эң аз каражат коротуу менен оптималдуу жыйынтыкка жетүү максатында социалдык, билим берүү жана медициналык ресурстарды натыйжалуу пайдаланууга мүмкүндүк бергидей пландарды иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу процесси.

**Негизги максат** – комплекстүү муктаждыктары бар балага сапаттуу жана натыйжалуу жардам берүү менен анын өнүгүүсүнө жакшы өбөлгө түзүү, ошондой эле жагдайды көзөмөлдөөнүн бардык баскычтарында баланы өз көйгөйлөрүн өзү чечүүгө мүмкүн болушунча көбүрөөк катыштыруу.

**Бул максаттар:**

- баланын көйгөйлөрдү чечүүгө жана кризистик кырдаалдарды жеңүүгө болгон жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү;
- балага жардам берүүнүн жана ресурстарды тартуунун натыйжалуу тутумун түзүү, анын өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүү;
- тийиштүү ресурстары бар кызмат көрсөтүүчү тутумдар менен баланын ортосундагы байланышты түзүү;
- кызмат көрсөтүүчү тутумдардын түркүмүн арттыруу.

Социалдык педагогдун бул технологияны ишке киргизүүдөгү **милдети**:

- уюштуруу, координациялоо, баалоо, коргоо, мониторинг жүргүзүү.

Социалдык педагог бул жерде баланын жекече муктаждыктарынын аныкталышына, жагдайды көзөмөлдөөнүн негизсиз, мөөнөтүнөн эрте токтотулбастыгына кепилдик берген адвокаттын ролун ойнойт.

**Жагдайды көзөмөлдөө технологиясынын этаптары**




Жагдайды көзөмөлдөө технологиясынын этаптары:

1. Баштапкы баалоо (үй-бүлөнүн турмуш-тиричилик шартын текшерүү)
2. Баалоонун жыйынтыктарын талдоо жана жагдайды көзөмөлдөй баштоо зарылдыгын негиздөө.
3. Жагдайды көзөмөлдөй баштоо чечимин кабыл алуу. Баланы/үй-бүлөнү социалдык коштоого алуу (комплекстүү баалоо).
4. Жагдайды көзөмөлдөө ишин пландоо. Жекече планды иштеп чыгуу.
5. Социалдык жардам көрсөтүү.
6. Процессти баалоо.
7. Ырааттуу түрдө кайра караштырып туруу, мониторинг жүргүзүү.
8. Жыйынтыкты (таасирди) баалоо.
9. Жагдайды көзөмөлдөөнү токтотуу боюнча чечим кабыл алуу.
10. Баланы/үй-бүлөнү социалдык коштоодон чыгаруу.

**Баланын муктаждыктарын баалоо жагдайды көзөмөлдөө ишинин курамдык бөлүгү катары**




Баланын муктаждыктарын баалоо ыгы төмөнкүлөрдү аныктоого мүмкүндүк берет:

- баланын муктаждыктары жана аларды ата-энесинин канааттандыруу мүмкүнчүлүгү;
- бала жана анын үй-бүлөсү өз алдынча жеңип кете албай турган турмуштук татаал жагдайлар;
- социалдык педагогдун киришүүсүнүн чектери;
- зарыл жардамдардын тизмеги;
- үй-бүлөнү социалдык-педагогикалык коштоочу адистер.

## БАЛАНЫН МУКТАЖДЫКТАРЫН БААЛОО МОДЕЛИ




Балдардын муктаждыктарын баалоо – бул кызматтардын зарыл түрүн жана көлөмүн, алардын турмуштук татаал кырдаалдарды жеңүүдөгү таасирин аныктоо максатында балдардын жашоо абалы жөнүндөгү маалыматты чогултуу, талдоо жана жалпылаштыруу процесси. Бул балдардын муктаждыктарынын өзгөрүүсүнө жараша ылайыкталып туруучу ийкемдүү процесс болуп саналат.

### Баалоо баскычтары процесс катары



*Кайрылуу – экспресс-баалоо*

- Бала тууралуу негизги маалыматтарды, анын түйшүктөрүн жана муктаждыктарын, кайрылуусунун себептерин аныктоо.
- Бала жана анын айланасындагылар тууралуу (зарылдык болсо) маалыматтарды башка ведомстволордон тактоо.
- Баланын жашаган жери, анын үй-бүлө мүчөлөрү, каралып жаткан негизги көйгөйү жөнүндө кыскача билдирүүнү, ишке тартылган уюмдар/адистер жөнүндө маалыматтарды камтыган форманы толтуруу.
- Бала менен ишти уланта берүү же кайрылууну башка жакка жолдоо боюнча чечим кабыл алуу.

*Баштапкы баалоонун максаты – төмөнкүлөрдү аныктоо:*

- Бала, үй-бүлө ырасында эле жардамга, социалдык коштоого муктажбы?
- Тезинен чара көрүү ырасында эле зарылбы?
- Баланын өнүгүүсүндөгү негизги маселелер кайсылар? Балага терс таасир тийгизген бул жана башка жагдайларды жөнгө салууга ата-энесинин мүмкүнчүлүгү барбы?
- Балага жана анын үй-бүлөсүнө кандай жардам зарыл?
- Баланын жана анын үй-бүлөсүнүн муктаждыктарын комплекстүү баалоо керекпи?

*Иштин формалары (баштапкы баалоо)*

- Кайрылуунун мазмунуна жараша маалыматтарды чогултуу.
- Ведомстволорду маалымат жыйноого тартуу.
- Адистер менен кеңешүү.
- Баштапкы баалоону каттоо.
- Кийинки иш-аракеттерди жасоо же тим эле коюу боюнча чечим чыгаруу.
- Кабыл алынган чечим туралуу кызыкдар тараптарга маалымдоо.
- Балага жана үй-бүлөсүнө кабыл алынган чечим тууралуу маалымдоо.

**Комплекстүү баалоонун максаты**

- Баланын муктаждыктарын жана ата-энелердин канааттандыруу мүмкүнчүлүгүн баалоо.
- Баланын, анын айланасындагылардын күчтүү жана чабал жактарын аныктоо.
- Ата-энелердин учурдагы көйгөйлөрдү өз алдынча чече билүү жөндөмүн баалоо.
- Баланын жана анын ата-энесинин чөйрөсүндөгү жардам бере ала турган, кадыр-барктуу адамдарды аныктоо.

- Тобокелчиликтерди жана алардын булактарын аныктоо.
- Ата-энелердин баланын муктаждыктарын түшүнүүсүнө жардам көрсөтүү.
- Социалдык-педагогикалык жактан коштоп жүрүү планын ишке ашыруу жана баалоо процессине ата-энелерди тартуу.

*Таасирди (натыйжаларды) баалоо*

- Социалдык-педагогикалык коштоодо турган баланын татаал турмуштук кырдаалды жеңүү процессиндеги өзгөрүүлөрү тууралуу маалыматтарды чогултуу, талдоо жана жалпылоо.

*Төмөндөгү суроолордун жоопторун тактоо:*

- Комплекстүү баалоонун жана иш пландын жүрүшүндө аныкталган көйгөйлөр чечилген беле?
- Маселени чечүү деңгээли/даражасы.
- Социалдык-педагогикалык коштоо мындан ары керекпи?

*Жагдайды көзөмөлдөө баскыч-баскычы менен жүргүзүлүп турса:*

- бала жана анын үй-бүлөсү муктаждыктарына шайкеш жардам/кызмат ала алышат деп ишеничтүү айтууга болот.

ошондой эле:

- муктаждыктардын өзгөрүүсүн байкай алабыз;
- бул кызматтар керек болбой калган учурду билебиз;
- биз ресурстарды, анын ичинен акчаны туура эсептеп колдоно алабыз.

*Жагдайды туура көзөмөлдөө шарттары*

1. Ийине жеткире даярдалган ыкмалар, каражаттар (документтештирүү формалары).
2. Социалдык педагогдорду даярдоонун талапка ылайык деңгээли.
3. Ченемдик жөнгө салуу.
4. Ведомство аралык аракеттер.
5. Ресурстардын бар экендиги.
6. Баалоонун ыңгайлаштырылган усулдары.

Дисциплина аралык топтогу адистер иштөөнүн төмөнкү технологияларын колдонушат. Баланын зордук-зомбулукка кабылгандыгы тууралуу маалымат алуунун эң негизги жолу – бул аны менен маектешүү. Маектешүүнүн этият жана купуя өткөрүлүшү турмуштук кыйын жагдайга кабылган баланын мындан аркы аракетине жана психикасынын саламат болушуна таасир этет. Дисциплина аралык топтун мүчөсү болобу, же балдардын зордук-зомбулукка кабылгандыгы жөнүндө

арыз кабыл алуучу уюмда, ведомстводо иштейби – ар бир адис төмөнкүдөй суроолорго жооп издеши керек:

- Эгерде бала өзүнүн башынан өткөн окуясын ар тараптан иликтөө жүрүп жатканда кайра-кайра айтууга мажбур болсо, ал кандай абалда калат?
- Ал окуя кандай өзгөрүүгө туш болот?
- Бул кимге пайда алып келет?

Окуяны бир нече мекеменин жана бир топ адистердин бир убакытта иликтөөсү баланын жан-дүйнөсүнө экинчи ирет жаракат алып келиши ыктымал.

Дисциплина аралык топтун ич ара жана түркүн мекемеде иштеп жаткан адистердин бири-бири менен байланышта болуусу, натыйжалуу макулдашып иш алып баруусу зордук-зомбулукка учураган балага, айрыкча опурталдуу кырдаалда, тез аранын ичинде жардам берүү керек болгондо талап кылынат.

Адис (социалдык педагог, мугалим, дарыгер, мектептин психологу ж.б.) баланын зордук-зомбулукка кабылганын билсе, кырдаал жөнүндө дисциплина аралык топко (борборго, кызматка) билдирет.

Маалымат телефон аркылуу, же бетме-бет баарлашууда, кабыл алуучу дисциплина аралык топтун мүчөлүгүнө кирген каалагандай адистерге билдирилет. Бул адистер балага карата зордук-зомбулуктуу жүрүм-турумду аныктай турган көрсөткүчтөр, мындай окуяга туш болгон баланы кабыл алуу, аны менен маек жүргүзүү боюнча атайын даярдыктан өтүшөт.

Зордук-зомбулукка жана ырайымсыз мамилеге кабылгандыгы тууралуу билдирүү түшүп, баштапкы маалымат чогултулгандан соң, дисциплина аралык топ жыйналыш өткөрүлүп, анда жагдайды көзөмөлдөө боюнча чечим кабыл алынат:

- жагдай боюнча менеджер дайындалат, эрежеге ылайык ал (үй-бүлөдөгү кырдаалды жакшы билген жана катышы бар) социалдык педагог болот;
- баланын мындан ары үй-бүлөдө калуу мүмкүнчүлүктөрү каралат;
- түзүлгөн кырдаалга жараша балага көрсөтүлүүчү медициналык, юридикалык, психологиялык, социалдык жардам түрлөрү аныкталат ж.б.

Ар түркүн тармактардагы адистердин болушу кырдаалга так эксперттик баа берүүгө шарт түзөт, алар маселени чечүүдө көптөгөн сунуштарды айтуу менен, пайда болгон ведомство аралык тоскоолдуктарды ийгиликтүү жеңип чыга алышат. Топ кандайдыр бир башка кызматтар менен өз ара байланышканда же максаттуу жардамдарды (мисалга: нарколог, балдар гинекологу) көрсөтүүдө аларга лидерликти өткөрүп берсе болот.

Дисциплина аралык топтун адистери үчүн эң татаал чечим зордук-зомбулукка туш болгон же муктаждыктары көңүлгө алынбаган баланы үй-бүлөсүндө калтырса болобу деген суроого байланышкан. Эгер калтыруу керек деп чечилсе, ал үй-бүлөнү тиешелүү жардам менен камсыздоо зарыл.

Чечим чыгарууда коопсуздукту баалоо протоколу пайдаланылат. Коргоо кызматынын кызматкери үй-бүлө менен алгачкы жолу байланышканда, ал баланын коопсуздугуна кандай жагдайлар терс таасир тийгизерин баалашы керек. Баалоо адатта үч бөлүктөн турат. Биринчиси, балага үй-бүлөдө жаралышы ыктымал коркунучтар барагы. Анда балага кечиктирилгис жардам талап кылынуучу жагдайлар көрсөтүлөт. Экинчи бөлүгү – кызматкер тарабынан тандалган, кыска мөөнөттөгү кийлигишүү чаралары (мисалга, тууганы же кошунасы көз салса болот), б.а. коопсуздук планы. Үчүнчүсү – биротоло чыгарылган чечимди жазуу.

Коопсуздукту баалоо иликтөө жүргүзгөн кызматкердин үй-бүлө менен алгачкы кездешүүсүндө эле аягына чыгарылышы керек. Эгер баланын коопсуздугуна коркунуч бар болсо, ал үй-бүлөгө дисциплина аралык топтун адистери бир катар кийлигишүү чараларын, азыраак чектөөлөрдөн баштап, колдонуп көрүшү керек. Эгерде баланын үй-бүлөсүнө кийлигишүү мүмкүн болбосо же жардам четке кагылса, жасалган аракеттер зомбулукту азайтууга жетишсиз болсо, анда баланы үй-бүлөдөн ажыратуудан башка арга калбайт. Бул кадам үй-бүлөгө кийлигишүү аркылуу баланын коопсуз жашоосун камсыздоо мүмкүн эместигин далилдеген фактыларга негизделет.

Алдын алуу жана калыбына келтирүү программаларына төмөнкүлөр камтылат:

- мектеп жашындагы балдар, ата-энелер жана адистер үчүн билим берүүчү программалар;
- үй-бүлөгө, адистерге, балдарга жана өспүрүмдөргө көп профилдүү (психологиялык, юридикалык, педагогикалык, социалдык, медициналык) консультациялык жардам боюнча программалар.
- социалдык жардам көрсөтүү кызматкерлери, билим берүүчү мекемелердин педагогдору тарабынан үй-бүлөлөргө баруу программасы.

Көп профилдүү калыбына келтирүү иши төмөндөгүдөй учурларда натыйжасы аз болот:

- так статистикага таянбаса;
- комплекстүү жана ырааттуу жүргүзүлбөсө;
- зордукчу жана социалдык чөйрө менен иш жүргүзбөй, жабырлануучу менен гана алектенишсе;
- юридикалык колдоосуз ишке ашырылса;

- алдын алуу иштеринен бөлөк уюшулса;
- жалпысынан жагдайларга жана жалпы эле кырдаалга андан ары мониторинг жасабастан жүргүзүлсө.

Баланы зордук-зомбулуктан жана ырайымсыз мамиледен коргоо тутумунун негизги элементтери – бул: мыйзам чыгаруучу база жана тутумду ченемдик-укуктук жактан камсыз кылуу; жардам берүү, алдын алуу жана калыбына келтирүү кызматтары; катышуу объектилери; таасир субъектилери; алдын алуу жана калыбына келтирүү программалары; тутумду башкаруу. Булардын баары бири-бири менен байланышта болуп, күч-аракетин жалпы максатка – балага зордук-зомбулук кылууну алдын алууга жана кыйын кырдаалда калган бала менен үй-бүлөгө көмөк көрсөтүүгө жумшаганы оң.

# 3-БАП. МЕКТЕПТЕ БАЛДАРГА ЫРАЙЫМСЫЗ МАМИЛЕНИ БОЛТУРБОО БОЮНЧА СОЦИАЛДЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК АЛДЫН АЛУУ ИШТЕРИ

## 3.1. Мектепте балага зордук-зомбулук жасалары аныкталгандагы социалдык алдын алуу иштери

**Социалдык-педагогикалык алдын алуу**

Бүгүнкү күнү баланын зордук-зомбулукка кабылгандыгын аныктоонун бирдиктүү жолу же ыкмасы жок. Мындай маалымат жабыркаган балдардын өзүнөн же зордук-зомбулук болуп жаткан үй-бүлөнүн туугандарынан алынат. Баланын ырайымсыз мамилеге кабылгандыгы тууралуу балдар, жарандар, ошондой эле жашы жете электер менен иштешкен адистер тарабынан телефон аркылуу же жеке өзү менен жолугушканда айтылат.

Эгерде маалымат зомбулук көргөн бала тарабынан айтылса, аны чындыкка шайкеш деп эсептесе болот. Кээде бала чоңдорду жамандап, же зомбулуктун болгонун апыртып айтышы мүмкүн, бирок мындай учурлар өтө сейрек. Ошондой эле зомбулукка же анын натыйжасына күбө болгондордун маалыматы да көбүнчө туура болуп чыгат. Зордук-зомбулук боюнча ар бир билдирүү кунт коюу менен кабыл алынып, талданып жана иликтенип чыгышы абзел. Алгач мектепте төмөндө келтирилген нускамаларды эске алуу менен балага сурамжылоо жүргүзүп көрүү зарыл. Ошондой эле балага зордук-зомбулук көрсөтүп жатканын көргөн күбөлөрдү мектептин жана башка ведомстволордун адистери сурамжылаганы оң.

Адистердин кийлигишүүсү, баалоосу жана текшерүүсү үчүн төмөнкүдөй негиздер керек: зомбулукка кабылгандыгы тууралуу баланын же муну көргөн күбөнүн кайрылуусу; балага жасалган зордук-зомбулуктун белгилери; баланын катаал мамилеге кабылышын шарттаган себептер.

**Класс жетекчинин иш-аракети**

Эгерде класс жетекчи окуучунун дене-боюна же психикасына зыян келтирилгендигин байкаса, ал окуучу жана анын туугандары менен сөзсүз сүйлөшүп көрүүсү зарыл.

Бала көбүнесе зордук-зомбулукка кабылып жаткандыгын айтуудан тартынат. Ошондуктан денесиндеги көгала тактарды ата-энеси сабагандан деп түшүндүрсө, ага көп учурда ишенсе болот. Бирок кээде денеде жаракаттар жок болсо, ата-энесинен коркпосо, баланын айткандарынан күмөн саноо керек. Ал менин сөздөрүмдү ата-энеме айтпаңыз деп мугалимден суранышы да мүмкүн (бирок мунун себеби катаал жазанын кайталанышынан корккондугу болушу да ыктымал).

Мындан сырткары, баланын калп айтканын ата-энесин жалган жерден каралаган жалпы сөздөрүнөн байкаса болот («атам мени дайым сабайт, аны менен чогуу жашоого мүмкүн эмес»). Айтып берип жатканда эмоционалдык реакциясынын жоктугу, конкреттүү окуяны (окуянын мүнөзүн, убактысын, кайсыл жерде болгонун) жөндөп айтып бере албагандыгы, баланын айтканы чоңдордун сөзүнө же өзү көргөн кинолордун сюжетине окшошуп кеткендиги да шектендирет.

Окуя тууралуу баланын өзү жана ата-энеси айтып берген баяндын дал келишине кылдат көңүл буруу зарыл. Эгерде биринин айтканы бириникине каршы келсе, себептерин аныктоо керек. Ата-эне окуянын кандай болгондугун баяндаганда, коошпостуктарды түшүндүрө албаса, бул баласынын  зордук-зомбулук көргөндүгүнөн кабар берет.

Ата-энелер көбүнчө баланын денесиндеги жаракаттарын уруп -согуудан пайда болгонун танышат. Жаракатка күнөөлү ата-эне эле эмес, кээде бала өзү да танышы мүмкүн. Кээде атасынын сабаганын апасы (же тескерисинче) жаап-жашырат. Мунун себеби баласына зомбулук кылганын чындап эле түшүнбөгөндүк, бул көрүнүшкө көз жуумп коюучулук, үй-бүлөдөгү кырдаалды туура баалай билбестик, ошондой эле атайылап калп айтуучулук болушу мүмкүн. Аялы күйөөсүнөн корккондуктан, толугу менен көз карандылыгынан, үй-бүлөнү же өзүнүн материалдык абалын сактап калууга умтулгандыктан жалган айтуусу мүмкүн.

Мындай учурда класс жетекчи атайын иликтөөлөрдү жүргүзөм деп убараланбаганы оң: бул атайын кызматтардын жана уюмдардын иши. Ырайымсыздыкка туш болгон балдар көп убакыт бою өзүнүн жаракат алгандыгын унутуп коюшуп, кыйла убакыттан кийин эстеши мүмкүн.

Жабырлануучуга караганда социалдык кызматкерлер менен мугалимдердин көпчүлүгү бул теманы талкуулагандан көбүрөөк коркушаарын, бул тууралуу бала кыйытканда түшүнбөстүгүн, туура суроолорду бере билишпестигин белгилеп коюу керек.

Балага ырайымсыз мамиле жасалгандыгы ал өзү айтып берүүнү чечкенде гана ачыкка чыгат. Адатта бала алгач бул тууралуу өзүнүн

теңтушуна айтат. Ал ата-энесине жана башка чоңдорго чанда гана айтып бериши мүмкүн.

Алар ырайымсыздыкка кабылгандыгын көбүнчө ачык деле кабарлашат, бирок, тилекке каршы, чоңдор дайыма эле көңүл бура бербейт. Алгач бала чоңдорго башынан өткөн окуянын бир бөлүгүн гана айтып, кандай кабылдаганын байкап көрөт. Бала мээримдүү, кайрымдуу мамилени байкаса гана, өзүн коопсуздукта сезип, окуяны толук айтып берүүгө белсениши мүмкүн.

**Бала сизге зордук-зомбулукка кабылганын айтса, эмне кылуу керек:**

- Кунт коюп угуңуз;
- Өзүңүздү токтоо кармоого аракет кылыңыз;
- Баланын өмүрүнө канчалык кооптуу жагдай түзүлгөндүгүн аныктаңыз;
- Баланы сооротуп, колдоңуз: «Мага айтканың жакшы болду. Сен туура кылдың», «Мен сага ишенем», «Сен буга күнөөлүү эмессиң», «Мындай жагдайга сен гана туш болгон жоксуң, башка балдар деле ушундай болушу мүмкүн», «Мындай окуяга кабылганың жаман болуптур», «Бул нерсе боюнча мен адистер (юрист, психолог) менен сүйлөшүүм керек. Алар сага бир нече суроолор менен кайрылышат, сенин коопсуздукта болушуң үчүн аракет кылышат. Кээде ушундай, сага бирөөлөр жамандык кылганда, жашырууга болбойт», – деп айтыңыз;
- Бала өзүн кордогон кишини сөзсүз эле жек көрөт же ага таарынды деп ойлобоңуз;
- Баланын суроолоруна түшүнүү менен жооп берип, анын санаасын тынчытыңыз;
- Балага өзүңүз аткара албай турган убадаларды бербеңиз.

**Эгерде бала зомбулук тууралуу класста айтып жатса**

1. Анын маалыматтарын көңүлгө алганыңызды айтыңыз да, мисалга: «Бул өтө олуттуу иш. Бул тууралуу шашпай сүйлөшөлү, ээ», – деп, сөздү башкага буруп кетиңиз.
2. Бала менен жалгыздап баарлашыңыз – бул канчалык тез болсо, ошончолук жакшы.

Эгерде сиздин классыңызда үй-бүлөдөгү зомбулукка кабылган бала болсо, Сиз ага төмөнкүдөй жардам бере аласыз:

1. Баланын класстагы кадыр-баркын колдоп туруңуз.
2. Баланын эмне каалаганын же каалабаганын өзүңүз эле чечип салбаңыз. Баланын өзүнөн сураңыз! Ошондо Сиз бала менен ыңгайлуу, жылуу маанайда сүйлөшө аласыз.

3. Көз карашыңыздан, үнүңүздөн жылуулук сезилип турсун.
4. Класста кадимкидей эле көнүмүш жагдайды түзүңүз. Баланын башынан өткөн окуяны башкалар менен талкуулабаңыз. Ал ушинтсин деп сизге сырын айткан эмес да. Бул жагынан өзүңүздү тыя билиңиз.
5. Баланын ишин жакшы жагынан көрсөтүп, аны ой бөлүшүүгө ж.б. тартыңыз.
6. Бала өз мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырып көрө электигине байланыштуу, эмне кылууну жана зомбулукка кандай жооп кылуу керектигин адегенде бирөөдөн уккусу келиши мүмкүн.
7. Бүлгүнчүл жана коомго жат иш-аракеттерге, кадамдарга башынан эле катуу каршы туруп, эч качан жол бербеш керек.
8. Пайдалуу адабияттарды окуганга кызыктырса (китептерди таап берсе), көркөм чыгарма жаратууга (мисалы, аңгеме, ыр жазууга) шыктандырса, бала өзүнүн ички абалын туюнтуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

Балага зордук-зомбулук кылынгандыгы белгилүү болгондон кийин класс жетекчиси анын үй-бүлөсүнөн кабар алышы, бул тууралуу мектеп директоруна, социалдык педагогго маалымат бериши зарыл. Алар бул маалыматты керектүү кызматтарга жана ведомстволорго жеткиришет.

**Мектеп психологунун иш-аракети**

Биз психологиялык жактан жабыр тарткан бала менен жолуккан учурда, негизинен болгон окуя тууралуу билебиз же боолголойбуз. Бирок бала үчүн башынан өткөн окуяны айтып берүү абдан кыйын экендигин унутпашыбыз керек. Бул үчүн психолог атайын шарт түзүп бериши зарыл. Мындай бала менен иштөөдө анын унчукпаганынын (же тануусунун) себебин билүү зарыл. Ошондо ата-энеси келтирген жаракат үчүн бала уялып кысынбайт.

Бирок бул жерде төмөнкү жагдайларды да эске алуу керек:

Биринчиден, биз балага канчалык деңгээлде ишене алабыз? Ал баарын кыялынан чыгарып айтышы да мүмкүн. Андай учурда, чоңдор мындай фантазиянын келип чыгуусунун ишенимдүү себептери бар экенин билиши керек: бала жөндөн жөн эле алдоого чыгына бербейт эмеспи. Бала биздин жардамыбызга муктаж, демек ага кимдир бирөө ишеним көрсөтүшү зарыл экендиги анык.

Экинчиден, маалыматтын купуялыгы – абдан олуттуу маселе. Баланын айткандарын милицияга сөзсүз эле билдирүү керекпи? Бул этикалык жактан татаал маселе. Психолог уккандарын жашыруун сактоого убада берүүгө укугу жок. Мындан сырткары, алар бала кандай кырдаалда жана кайсыл жерге кайрылышы керектигин эскертип коюуга милдеттүү.

Зордук-зомбулукка (айрыкча үй-бүлөсүндө) тез-тез кабылган балдар өзүн кырдаалдан чыгууга алы келбегендей сезишет. Муну эсепке алуу менен, кырдаалды жөнгө салса болооруна баланы ишендирүү керек: бала менен психологдун жолугушуусунун убактысы, саны так сүйлөшүлүп, баары так аткарылышы зарыл. Бала процесске кантип аралаша алаары жөнүндө эртерээк макулдашылганы оң, мисалы, бул үчүн жолугушуу ирээтин өзгөртүүгө туура келиши да ыктымал. Иштешүү ирээтинин сакталышы эле балага зор дем берет.

Көпчүлүк учурларда балага зордук-зомбулук көрсөтүүдөгү негизги далил анын өзүнүн айткандары гана болуп калат. Сурамжылоонун максаты – болгон окуянын жагдайын тактоо, балага зордук-зомбулук көрсөтүлдүбү же жокпу – чын-төгүнүн аныктоо жана баланы кийин боло турган зомбулуктан коргоо боюнча чечим кабыл алуу.

Бала менен маектешүүдө анын эң зарыл кызыкчылыктары эске алынышы керек. Бала өзүнүн башынан өткөн зордук-зомбулукту кайра-кайра айтып берип жатып, жан-дүйнөсү жабыркабашы үчүн, тиешелүү мекемелер менен ведомстволордун адистеринин бул багыттагы ишин ийкемдүү макулдаштыруу зарыл. Мындан сырткары, бала менен баарлашып жатканда алган маалыматтын сапаты жана саны ойдогудай болушу үчүн маекти кесипкөй адистер жүргүзгөнү оң. Эгерде баланын айткандарын кайталатуу керек болуп калса, анда сурамжылоону зордук-зомбулуктан жабыр тарткан балдар менен иштешкен мурдагы эле адистер жүргүзгөнү туура болот.

**Балдар менен интервью уюштуруудагы жалпы эрежелер**

- *Баланын курагына жана өнүгүү деңгээлине туура келүүсү.* Маалымат чогултуунун ыкмаларын жана формаларын тандоодо жекече мамиле жасоо керек. Жарым-жартылай түзүмдөштүрүлгөн интервьюдан тышкары, оюнду жана чыгармачылыкты да пайдаланса болот;
- *Коопсуздук.* Баланы сурамжылоо күнөөкөр/зордукчу деп шектелген кишинин катышуусуз өтүшү керек. Интервьюга катышууга баланын ата-энеси менен камкорчусу юридикалык жана моралдык жактан укуктуу болушу мүмкүн.
- *Зордук көрсөтүүгө катышпаган бир адам интервью алууда кошо олтурушу шарт.* Ал сурамжылоо процессине кийлигише бербей турган позицияны ээлеши (бир аз четте, сөзгө көп аралашпай отурушу) керек;
- *Ыңгайлуулук жана купуялык.* Жашы жете элек баланы сурамжылоо атайын шарттар түзүлгөн жерде өтүшү зарыл – бул үчүн өзүнчө бөлмө, жарык жай, балага жагымдуу шарт, бөтөн адамдар жок, жашыруун маек кура

алгыдай жер болушу керек. Алынган маалыматтар жардам көрсөтө ала турган адистерге гана берилээрин балага айтып коюу абзел. Ошондой эле балага бул маалыматты такыр эле жашыруун сактоонун кажети жоктугун, аны тийиштүү адамдар менен талкуулабаса болбостугун сөзсүз эскертиңиз.

- *Атайын вербалдык жана вербалдык эмес жүрүш-туруш.* Сөзүңүздөн, турган (отурган) абалыңыздан, кыймылыңыздан жана ишаарат-жаңсоолоруңуздан баланы сыйлап, анын айткандарын түшүнүп жатканыңыз билинип турушу керек. Анын айтып бергендерин шашпай, дилгирлик жана ишенүү менен угуңуз. Балага түшүнүктүү сүйлөп, аны басынтпаңыз.
- *Документтештирүү.* Интервью маалында баладан алган маалыматтын баарын жана жүргүзүлгөн байкоону жаза жүрүү керек. Бул үчүн стандарттуу протокол иштеп чыгуу зарыл.

**Интервью өткөрүү боюнча нускамалар**

- «Жок» же «ооба» деген туюк жоопко такала турган суроолорду эмес, кеңири жооп берүүнү шарттаган ачык суроолорду көбүрөөк бериңиз;
- Эгерде бала үзүл-кесил, чала жооп берсе, тийиштүү жагдайларды, учурларды тактап сураса болот. Ошону менен бирге баланы капаланта турган суроолорду өтө көп бербеңиз.
- Бала болгон окуяны айтып берип жатканда ыйлашына же сезимин, бугун кандайдыр бир жол менен чыгарышына мүмкүндүк бериңиз.
- Жөнөкөй сөздөрдү пайдаланыңыз, атайын терминдерди жана грамматикалык жактан татаал суроолорду берүүдөн качыңыз;
- «Эмне үчүн?» деген суроону бербегенге аракет кылыңыз.
- Ат атоочторду пайдалануунун ордуна энчилүү аттарды жана жерлердин аттарын пайдаланыңыз;
- Суроолорду баланын конкреттүү убакыттагы кылган иштери жана тийиштүү окуялар менен байланыштырыңыз.

**Интервьюнун этаптары**

- *Даярдык.* Интервьюну баштаардан мурда кырдаал, бала жана анын үй-бүлөсү жөнүндө болушунча көп маалымат чогултуу керек. Интервьюну ким жүргүзөрүн дагы чечиңиз: Сиз өзүңүзбү же ведомство аралык топтун мүчөсүнүн

өкүлүбү? Маектешүү өткөрүлө турган бөлмөнү даярдаңыз. Интервью алуунун формасын аныктап алыңыз.

- *Байланышты түзгөнгө даярдоо.* Бала менен таанышып, анын коркуу, тартынуу сезиминен арылуусуна жардам бериңиз. Мисалы, ага мектептеги жакшы көргөн нерселери жөнүндө айтып берүүсүн өтүнүңүз.
- *Сурамжылоонун максаттары менен жол-жоболорун түшүндүрүү.* Жолугушууңуздун максатын билдириңиз, бала чындыкты айтышы керектигин түшүндүрүңүз. Бала интервью берип жатканда, анын ыктыярына да караңыз – керек болсо тыныгуу сурасын, суроону түшүнбөсө кайра кайталаңыз ж.б.
- *Окуя болгон кырдаалды элестетүү.* Ырайымсыздык кырдаалы жөнүндө, ал окуяга баланын мамилеси кандай болгондугу жөнүндө суроо бериңиз.
- *Сөздү ээн-эркин баяндоо менен баштаган оң.* Бала өзү айтып бүткөн соң гана керектүү маалыматты алуу үчүн, бир нече суроолорду берүү керек.
- *Бүтүм чыгаруу:* Баланын пайда болгон бардык суроолоруна жооп бериңиз. Кийинкиде эмне кыларыңызды түшүндүрүңүз. Орундата албай турган убадаларды бербегенге аракет кылыңыз. Интервью кандай өткөнүнө карабай, балага ыраазычылык билдирип коюңуз.

**Эгерде Сиз бала зордук-зомбулук жөнүндө айтып берген биринчи адамы болсоңуз**

- өзүңүздү токтоо кармаңыз;
- балага, анын сөзүнө ишенээриңизди жана ал сизге зомбулук жөнүндө маалымат берип, туура кылгандыгын айтыңыз;
- анын айтып бергенин кунт коюу, чыдамкайлык менен угуп, эмоцияңызды кармаңыз;
- болуп өткөн ырайымсыздык үчүн бала күнөөлү эместигин айтыңыз;
- баланын коопсуздугу үчүн болгон аракетиңизди көрөөрүңүзгө ишендириңиз.

**Интервьюнун натыйжасы бир топ маселелерди чечүүгө жардам бериши керек:**

- бала медициналык жардамга муктажбы?
- аны үй-бүлөсүнөн ажыратуу керекпи?
- баланын турмушуна башка бирөөлөрдүн кийлигишүүсү кайра тескери натыйжа бербейби?

- үй-бүлөдө аны коргой турган киши барбы?
- ата-энесин кызматташууга чакырса болобу?
- кийинки психологиялык жардамды уюштурууга болобу?

**Алгачкы жыйынтыктар төмөнкүлөргө негизделип жасалат:**

- алынган жаракаттардын кооптуулугун баалоо;
- баланын айтып берген маалыматы;
- анын психикалык абалын баалоо;
- болуп өткөн окуяга ата-энесинин көз карашы;
- бала менен мамилеси бар адамдардын күбө болгону.

Эгерде бала зордук-зомбулукка кабылган болсо жана ал сүйлөшүүгө келсе, анда баарлашуудагы башкы максат – баланы колдоо жана анын башынан өткөргөн окуясын угуу. Балага кысым жасалгандай сезилбеши үчүн сөзүн бөлбөй, өз оюн толук айтышына мүмкүндүк берүү керек. Баланын ырайына толугу менен ыңгайлашып, дал өзүңүзгө жардам сурап кайрылгандыгы туура болгонун сездириңиз.

Баланы ишенбөөчүлүк же ачуулануу менен коркутуп албаш үчүн, айрыкча ырайымсыз мамиле кылган адам – жакын тууганы же тааныы болсо, баарлашууда токтоолукту сактоо керек.

Жабыркаган адамдын коопсуздугун камсыздоо максатында, мисалы, кандайдыр бир убакытка туугандарыныкына көчүп кетсе, башка класска которулса болорун ж.б. түшүндүргөн оң.

Демек, зордук-зомбулуктан жабыркаган балдарга жана өспүрүмдөргө натыйжалуу жардам берүү үчүн төмөнкү талаптарды эске алуу зарыл:

- балдардын жана өспүрүмдөрдүн негизги укуктарын – жашоо укугун, өздүк кол тийбестикке, корголууга, татыктуу өмүр сүрүүгө болгон укуктарын бардык жагдайларда толугу менен таануу.
- балдарга жана өспүрүмдөргө ишеним көрсөтүү.
- зарылдыгына жараша алган маалыматтын анонимдүүлүгү же купуялыгы.
- зордук-зомбулукка кабылган балдардын коопсуздугун камсыздоо.

**Бир нече зарыл кеңеш**

***Кенже окуучулук курак.*** Айрыкча ушул куракта баланын жүрүм-туруму, абалы начарлап кетиши көбүрөөк ыктымал. Балдар же абдан түнт жана/же өтө чыр болушу мүмкүн. Кылган иштерин, ойногондогу иш-аракеттерин сөз менен айтып жүрүшүнө колдоо көрсөтүп туруу керек. Көнүмүш терс жагдайлардан алаксытуу үчүн баланын алгылыктуу жашоо-тиричиликке тезирээк аралаштырууну максат кылуу зарыл.

***Өспүрүм курак.*** Бул курактагылар үчүн теңтуштарынын таасири абдан зор. Балдар досторунун колдоосуна муктаж, алар үчүн сезимдери менен коркуулары адаттагыдай болушу маанилүү. Баланын тынчсыздануусу, кыжаалаттануусу агрессия, козголоң, түнттүк түрүндө сыртка чыгат. Бул курактагы балдар «куткарылгандыгы үчүн күнөөлүү болгон» сезимге кептелиши мүмкүн. Теңтуштары менен чоңдордун катышуусунда талкуу өткөрүү баланын сезимдеринин табигый, сергек нукка түшүүсүнө көмөктөшөт. Ошондой эле баланын тобундагы (классындагы) бардык балдарды дилгирлентип, спорт жана башка иш-аракеттерге көбүрөөк тартса, кыжаалат абалдан чыгууга жакшы өбөлгө түзүлөт.

***Балакатка жеткен курак.*** Бул курактагы балдардын активдүүлүгү жана кызыкчылыгы теңтуштары менен тыгыз байланыштуу. Балакатка жеткендердин сезимдери менен реакциясы өзгөчөлөнүп турат. Чөйрөсүндө өгөйлөнүп калуудан коркуп, алар өзүнчө кыйнала бериши, чөгүп, чүнчүп кетиши мүмкүн. Бул куракта психосоматикалык реакциялар абдан кеңири таралган. Өспүрүм өзүнө ыңгайлуу күн тартибинин бузулгандыгына ачуусу келип, кээде жашсынтып карагандарга кыжырданышы да мүмкүн. Ачуулануу же өзүн күнөөлөө сезими анын өчөшүп жасаган жоопкерчиликсиз кадамдарынан да байкалат. Өспүрүмдөрдүн достору менен мамилесин жакшыртууга, спорттук жана коомдук турмушка катышууга умтулуусун колдоого алуу зарыл. Алардын сезимин бир жөнгө келтирүү үчүн үчүн топтогу талкууларды өткөрүү абдан пайдалуу. Зордук-зомбулукка карата туура мамиле жасашы үчүн, аларды колдоп, сүрөмөлөп, коомдук жашоого аралаштыруу абзел.

**Социалдык педагогдун иш-аракети**

Балдарга карата зордук-зомбулуктун алдын алуу үчүн социалдык педагог түркүн түзүмдөр, расмий жана расмий эмес тараптар менен тыгыз иш алып барышы шарт. Булар: жашы жете электердин иши боюнча инспекциянын өкүлдөрү, бала асыроо жана камкордук көрүү органдары, жашы жете электердин иши боюнча комиссия, бейөкмөт уюмдар ж.б.

Социалдык педагог зордук-зомбулукка туш болгон баланын үй-бүлөсүндөгү тарбиялоодогу негизги шарттарды аныктоо үчүн турмуш-тиричилик жана материалдык жагдайын ириде участкалык милиция же жашы жете электердин иши боюнча инспектор менен бирдикте текшерүүсү кажет. Эгерде баланын зордук-зомбулукка кабылгандыгы тууралуу маалыматтар түшсө, аны тактоо үчүн зомбулук кылгандардын мурда укук бузгандыгын (административдик жоопко тартылгандыгы, соттолгондугун ж.б.) текшерүү максатында укук коргоо органдарына кайрылуу керек.

Бала асыроо жана камкордук көрүү органдары жашоосу начар үй-бүлөлөр тууралуу билиши керек. Алар тиешелүү учурда, баланы ата-энесинен токтоосуз ажыратып коё алышат. Баланын кызыкчылыгына туура келген чечим кабыл алуу үчүн асыроо жана камкордук көрүү органдары төмөнкү жагдайлар боюнча кошумча маалыматтарды алышы керек:

- Ата-эне өз милдетин эмне себептен аткарбай келген?
- Баланы үй-бүлөдө калтырууда кандай коркунучтар бар?
- Ата-эне өздөрүнүн тарбиялык ишине калыс баа бере алабы?
- Ата-эне баласына мамилесин өзгөрткүсү келеби?
- Үй-бүлөгө кандай жардам керек?

Мындан сырткары, жашы жете элек балдардын коопсуздугун коомдук жайларда сактоо боюнча таасирдүү иш-чара катары «Өспүрүм» рейддерин өткөрүп туруу зарыл.

Социалдык педагогдор жашы жете элек баланы үй-бүлөсүнөн ажыратуу керектигин күбөлөндүргөн фактыларды жыйноо үчүн укук коргоо органдары менен биргеликте иш жүргүзүшү абдан маанилүү. Аталган кызматтын өкүлдөрү ата-энелик укугунан ажыратуу үчүн документтердин топтомун каттоого (паспорт, атасы же энеси каза болгондугу жөнүндө маалымкат ж.б. алуу) жана баланын кийинки статусун бекемдөөгө чоң жардам көрсөтө алат.

Жашы жете электердин иши боюнча комиссиянын отурумдарында жарандардын ата-энелик парзын аткаруудан качкан, балдардын укугуна каршы келген иштерди жасаган учурлары каралат. Андыктан балдардын укугун коргоо, түрдүү кеңештер менен бүтүмдөрдү чыгаруу мүмкүнчүлүгүн алуу үчүн социалдык педагогдун катышканы өтө маанилүү.

### Ырайымсыз мамилелер боюнча фактылар аныкталгандан кийин документтерди тариздөө

Балага карата ырайымсыз мамиле жасалган фактылар аныкталган болсо, социалдык педагогдор тийиштүү документтерди каттоого милдеттүү. Мисалы: баланын жашоо-шартын жана тарбиялануусун текшерген акт (зарылчылык келип чыкса, укук коргоо органдарынын катышуусу менен түзүлөт) (форма-1). Алар ошондой эле үй-бүлөнүн социалдык-психологиялык мүнөздөмөсүн түзүшөт (форма-2). Билим берүү мекемесинин директоруна баланын ырайымсыз мамилеге туш болгондугу жөнүндө арыз (форма-3) жазып, ички иштер органдарына же билим берүүнү башкаруу мекемелерине жиберет. Арыздын жана ага тиркелген материалдардын көчүрмөсүн иш кагаздары менен сактап коёт. Зомбулукка туш болгон жашы жете электерди кайра калыбына келтирүү жана алдын алуу тутумундагы мекемелер менен

органдардын өз ара макулдукта иштешүүсүн камсыз кылуу абдан зарыл. Муктаждык болсо, баланы тез аранын ичинде үй-бүлөсүнөн ажыратуу маселесин көтөрүп, балага жардам берүү боюнча иш-чараларды жасоо керек.

**1-форма.**

### Ырайымсыз мамиленин белгилери аныкталгандыгына байланыштуу баланын жашоо-шартын жана тарбиялануусун текшерүү актысы

Үй-бүлөнү текшерүүнүн датасы 20___-ж., «___» _________

_______________________ мектебинин ______________________ окуучусу

_____________ (баланын аты жөнү)

Катталган дареги ____________________________________________________

Учурда жашаган жеринин дареги _______________________________________

Турмуш-тиричилик шарты _____________________________________________

*(Үй-бүлөнүн: турак жайы, бардык же жарым-жартылай шарттары бар квартирасы, ижарага алынган же коммуналдык үйдөн бөлмөсү; чарбалык буюм-тайымдары; зарыл болгон кийим-кечеси, жыл мезгилине жараша бут кийими, тамак-ашы бар же жок экендигин; санитардык-гигиеналык талаптар канчалык сакталаарын, төшөнчү-орун менен камсыздалган жатуучу орду бар же жок экенин көрсөтүү керек)*

Телефону ___________________________

Үй-бүлө мүчөлөрү тууралуу негизги маалыматтар:

Энеси _______________________________________________________

Атасы _______________________________________________________

Үй-бүлөнүн башка мүчөлөрү ___________________________________________

*(өздүгүн аныктоочу документтерге ылайык туулган айы-күнү, жылы, жумуш орууну көрсөтүлөт)*

**2-форма.**

### Үй-бүлөнүн социалдык-психологиялык мүнөздөмөсү

Ата-энеси ____________________________________________________

*(толук, толук эмес үй-бүлө, ата-эненин адаттан тыш жүрүм-турумун – алкоголь, баңгизаттарын колдонгонун, адеп-ахлаксыз жашоо кечиргенин; иштебегендигин, чыр-чатакка жакындыгын, ата-энелик укугунан ажырагандыгын, мурда эркиндигинен ажыратылгандыгын көрсөтүү керек)*

Балдар ______________________________________________________________

*(мектеп ичиндеги каттоодо, жашы жете электер комиссиясынын каттоосунда тургандыгы, алкоголь, психотроптук заттарды колдонгону, себепсиз сабак калтыргандыгы ж.б. көрсөтүлөт).*

Балага ырайымсыз мамиле жасалган төмөнкүдөй фактылар байкалды: ________

_____________________________________________________________________

_____________________________________________________________________

_____________________________________________________________________

Балага катаал мамиле жасаган адам тууралуу маалымат *(тугандык катышы)*

_____________________________________________________________________

______________________________________________________________

Балага катаал мамиле жасоонун кандай формалары катталган *(болгон окуянын кыскача баяны)* ___________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

Болуп өткөн зомбулук тууралуу кошуналардын пикири _____________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

Көрүлгөн чаралар ______________________________________________

______________________________________________________________

Тыянак _______________________________________________________

______________________________________________________________

Аты-жөнү ___________________________________

Акт түзгөн адамдын кызматы __________________________________________

**3-форма**

**Арыз**
**Билим берүү бөлүмүнүн башчысына**
**(ички иштер башкармалыгынын жетекчисине,**
**бала асыроо жана камкордук көрүү бөлүмүнө ж.б.у.с.)**

______________________________________дан

*(кызматы, иштеген жери)*

Мектептин администрациясы жана педагогикалык жамааты __________________

______________________________________________________________

*(балага ырайымсыз мамиле жасаган адамдын аты-жөнү, туулган жылы жана жери, катталган жана учурда жашаган дареги)*

Мыйзам боюнча жоопкерчиликке тартуу маселесин кароону өтүнөт.
20____-ж. «_____» _______________________ саат ___ _____ (мүнөт)
Мектептин адистери тарабынан *(ким экендигин көрсөтүү керек)* _____________

______________________________________________________________

жашы жете элек өспүрүмгө карата болгон ырайымсыз мамиленин белгилери аныкталды ___________________________________________________

______________________________________________________________

*(ырайымсыз мамиледен жабыркаган окуучу тууралуу бардык маалыматтар)*

Бул балага карата аныкталган адам (же аныкталбаган) тарабынан ____________

______________________________________________________________

*(зомбулуктун конкреттүү түрүн сүрөттөп, ал адамдын иш-аракеттерин көрсөтүү керек)*

Үй-бүлөгө баргандыгы тууралуу акт тиркелет

Мектептин директору______________________________

## 3.2. Балдарга жасалуучу ырайымсыз мамилени алдын алуу боюнча мектептеги педагогикалык алдын алуу иштери

**Балдарга карата ырайымсыз мамилени педагогикалык алдын алуу** – бул баланын дене-бой жана психикалык өнүгүүсүнө зыян тийгизиши мүмкүн болгон жагдайлардын таасирин убактылуу азайтууга же жок кылууга багытталган педагогикалык ишмердиктин түрү.

Балдарга карата ырайымсыз мамиленин алдын алуу боюнча мектептеги педагогикалык алдын алуу ишинин максаты – чоңдор менен балдардын чыр-чатаксыз мамилесин, толеранттуулугун калыптандыруу, балдарга карата зомбулукту болтурбоо. Үй-бүлөдөгү зомбулукка жол бербөө үчүн агартуучулук жана маалымдоо иштерин жүргүзүп, педагогдордун, ата-энелердин ишбилгилигин, психологиялык маданиятын калыптандыруу дагы педагогикалык профилактиканын милдетине жатат.

**Биринчи ирееттеги алдын алуу** – зомбулук учурунда жабыр тарткан жана жабыр көрсөткөн тараптарга комплекстүү таасир этүү. Бул ишке инсандын адаттагыдай жана ар тараптуу өнүгүүсү үчүн шарттарды камсыз кылууга, коопсуз жана ыңгайлуу кичичөйрөнү: бейжай үй-бүлөлөргө өз убагында жардам көрсөтүү, жашы жете электердин айланасындагы адамдардын алкоголь, баңгизаттарды пайдалануусун алдын алууга багытталган чаралар камтылат.

Биринчи профилактика баскычында мектептерде жана башка балдар мекемелеринде түшүндүрүү иштери жүргүзүлүшү зарыл. Бул үчүн өмүргө коркунуч туулган жагдайларда балага туура жол көрсөтүп, коопсуз жүрүм-турум көндүмдөрүн калыптандыруу боюнча тренингдер өткөрүлөт. Айланадагы адамдардын ар кандай укукка каршы иш-аракеттери тууралуу балдарга эскертип, бөтөн адамдарга эшикти ачпоо, алар менен подъездде же лифт ичинде таанышпоо, ар түрдүү шарттарына алданбоо керектигин ж.б. түшүндүрүүгө өзгөчө көңүл бөлүнүшү керек. Ошол эле мезгилде жалпы билим берүүчү мекемелердин дубал көрнөктөрүнө кооптуу кырдаалга туш болгон өспүрүмдөргө колдоо көрсөтүүчү уюмдардын, адамдардын байланыш телефондорун жана даректерин жазып, жайгаштырып коюу сунуш кылынат.

Ушул эле баскычта жаштар жана өспүрүмдөр топторунун социалдык жашоо мүнөзүн өзгөртүүгө багытталган иш-чараларды да өткөргөн оң. Мисалы, жашы жете электерди коомго каршы келген иштерге аралаштырганы үчүн тийиштүү топтордун башчыларын юридикалык жоопкерчиликке тартууга чейин баруу керек. Муну менен катар эле, жаштардын коммуникативдик жөндөмүн, кызыкчылыктарын өнүктүрүүгө, толук кандуу эс алуусун өткөрүүгө шарт түзгөн өспүрүмдөр клубун же башка ушул сыяктуу бирикмелерди түзүү зарыл. Бул чаралар

коомдук жайларда (бий аянтчасы, кафе ж.б), окуу жайларда зомбулуктун ыктымалдыгын азайтат.

**Экинчи иреттеги алдын алуу** зомбулуктан жабыркагандарга медициналык, психологиялык, педагогикалык жардам көрсөтүп, психикалык жабыркоонун алдын алуу, өз жанын кыюудан сактандыруу максатында жүргүзүлөт.

Ошондой эле мындай жардамдарды балдардын баш калкалоочу жайларынын, үй-бүлө жана балдарга көмөк көрсөтүү, калкты социалдык тейлөөнүн аймактык борборлорунун, аялдар жана балдардын кризистик борборлорунун, балдар бейтапканаларынын жана ооруканаларынын «ишеним телефондору» аркылуу алууга болот. Жабыр тарткан бала социалдык көйгөйлөрдүн бүтүндөй бир комплексине туш келгендиктен, ага социалдык-педагогикалык жактан көмөктөшүү гана эмес, материалдык колдоо көрсөтүү дагы талап кылынат. Мындай учурда, атайын ведомстволордун тиешелүү адистери кесипкөй жардам көрсөтө алышат.

Ырайымсыз мамиледен улам баланын муктаждыктары көңүлгө алынбай, көзөмөлсүз калуусу адатка айланып, анын дене-бой жана психологиялык саламаттыгына олуттуу коркунуч келген жагдайлар болот. Бул кырдаалга жергиликтүү бийлик органдарынын кызматкерлеринин кийлигишүүсү абдан зарыл. Бейжай абалда калган өспүрүмдү баары таштап кеткенсип, ал өзүн эч кимге керексиздей сезе баштайт. Мунун айынан бала аракечтикке, баңгиликке, селсаяктыкка азгырылып кетет. Зомбулукка кабылган балага жана анын айланасындагыларга бир эле учурда көңүл буруу керек.

Зомбулук фактыларын жана себептерин аныктоо – болгону, аны жеңүүгө болгон алгачкы кадам гана. Мындай көрүнүштү иликтөөгө комплекстүү киришип, ата-эне, педагогдор жана башкалар менен мамиле куруу татаалдашкан кырдаалдагы баланын өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүнө тутумдуу талдоо жүргүзүү зарыл. Ошондой эле, бул процесстин бардык катышуучуларына ар тараптуу, квалификациялуу жардам көрсөтүү талап кылынат.

Төмөндө балдарга карата ырайымсыз мамилени алдын алуу боюнча класс жетекчилердин методикалык бирикмесинин жыйынынын, ата-энелер чогулушунун сценарийлери, тийиштүү анкеталар, эстеткичтер келтирилди.

### Балдарга карата ырайымсыз мамилени алдын алуу боюнча класс жетекчилердин методикалык бирикмесинин жыйынынын сценарийи (үлгү иретинде)

Жыйындын темасынын актуалдуулугу:

Азыр дүйнө жүзүндө балдарга карата ырайымсыз мамиле жасаган көрүнүш өтө кеңири таралууда. Ырайымсыз мамиле дегендин өзү терс

мааниге ээ. Анткени бул – кимдир-бирөөнү эксплуатациялоочу, кемсинтүүчү, басынтуучу, талкалагыч күч. Ырайымсыз мамиле ар кандай кырдаалдарда, ар кандай түрдө жолугат. Балага зыян келтирүү баарынан оңой. Катаал мамилеге баланын туруштук бере албастыгы, ириде анын дене-бой, психикалык, социалдык жактан жетиле электиги, анан дагы ата-энеси, камкорчусу, мугалими, дегеле бардык чоңдор менен мамилесинде көз карандылык бар экендиги менен түшүндүрүлөт. Бул жаатта ата-эненин же алардын ордун баскан адамдардын маалыматынын аздыгы, жаза дайым эле балага пайда алып келбестигин, ал тургай айрым аракеттерге жол берилбей тургандыгын түшүнбөгөнү да залакасын тийгизип келүүдө. Ата-энелердин жана калктын укуктук маданиятынын төмөндүгү, баланын укугун коргоо жана зомбулук көрсөткөн адамды жазага тартууга кепилдик берген мыйзам ченемдери тууралуу билбестиги дагы бул кейиштүү көрүнүштүн кеңири таралышына, ошондой эле адамдын жана баланын негизги укуктарынын бузулушуна себеп болууда.

**Жыйындын максаты:** мектептин, үй-бүлөнүн жана коомчулуктун болгон күч аракетин бүт бойдон катаал мамилеге жана анын алдын алууга карата бирдиктүү педагогикалык позиция түзүүгө жумшоо.

**Милдеттери:**

- класстагы окуучулардын иштиктүү карым-катышы үчүн алгылыктуу шарттарды түзүү;
- топтордо жана жекече тематикалык кеңеш берүүлөр, ата-энелер жыйналышы аркылуу ата-энелер үчүн психологиялык-педагогикалык агартуу иштерин уюштуруу;
- ар түрдүү иш-чаралар аркылуу ата-энелердин жана балдардын бош убактысын биргеликте уюштуруу;
- туулуп-өскөн үйүнө имерилген сезимин ойготуу аркылуу жана бир гана үй-бүлө эмес, мектеп, туулган жер алдында жоопкерчиликтүү болууга тарбиялоо, туруктуу жарандык позициясын калыптандыруу;
- аныкталган көйгөйлөрдү эске алуу менен класста иштөөнүн тарбиялык планын түзүү.

**Мектептеги ырайымсыз мамиле тууралуу кыскача маалымат**

Мектептеги балага жасалган зомбулук – балдардын жан-дүйнөсү менен тагдырын талкалаган эң курч көйгөйлөрдүн бири. ЮНИСЕФтин Кыргызстандагы изилдөөсү боюнча, жалпы билим берүүчү мекемелерде окуган балдар окуучулар бири-бирине, атүгүл кээде мугалимдер балдарга ырайымсыз мамиле жасаган фактылар кездешет. Мектептеги дене-бой жана эмоционалдык жактан жасалган зомбулуктун кесепеттери баланын инсан катары калыптануусуна чоң коркунуч жаратышы мүмкүн. Бул маселе ушунчалык оор жана олуттуу

болгондуктан, ага укук коргоочу органдар, бейөкмөт уюмдар ж.б. аргасыз көңүл бура баштады.

Мектептеги ырайымсыз мамиле тууралуу сөз кылганда, бул боюнча мугалимдердин окуучуларга, окуучулардын бири-бирине жасаган, өтө сейрек болсо да кездешкен окуучулардын мугалимдерге көрсөткөн зомбулугун айтууга болот. Мектеп зомбулуктун бардык түрү менен күрөшүп, колдон келген бардык чараларды көрүшү абзел. Себеби зомбулук балдардын психикасын жабыркатып, «заманаң бөрү болсо бөрү бол» дегендей коомго көз карашы бурмаланышы мүмкүн. Мектеп бала үчүн социумдун негизи болгондуктан, окуучу кездеги зомбулукка кабылуу анын кийинки тагдырына терс таасир тийгизери анык.

### Балдардын бири-бирине ырайымсыз мамиле жасашы

Жүргүзүлгөн сурамжылоого ылайык, ар үч окуучудан бир-экөө же жогорку класс окуучуларынын, же өзү теңдүүлөрдүн зордук-зомбулугуна ар кандайча кабылышат экен. Педагогдордор мындай жоруктарды балдар жана өспүрүмдөр чөйрөсүндө боло жүрүүчү көрүнүш катары кабылдаганы менен, чындыгында ал чоң кишиге караганда баланы көбүрөөк жабыркатат. Баланы кемсинтүү «демейки эле көрүнүш» болушу эч мүмкүн эмес. Көбүнесе мындай жоруктар жазасыз кала бергендиктен, кылмыштуу иш-аракеттерге шыкакчы болуп, акыры кайгылуу окуяларга алып келүүдө.

### Мектептеги зомбулукка кабылгандарды кантип аныктоого болот?

Психологдор баланын мектептеги зомбулукка кабылуусун аныктоочу бир катар белгилерди бөлүп көрсөтүшөт:

- кол салган баланын башкаларды жабыркатууга, зыянга учуратуу аракеттениши, ниеттениши;
- дене-бой жана психикалык зомбулуктун жүйөсү (мисалы, өзүн-өзү коргоо зомбулукка жатпайт);
- күч жагынан теңсиздик;
- зомбулуктун токтобой кайталана бериши (куугунтук);
- күч колдонуу;
- кол салган баланын маашырлангандыгы;
- жабырлануучунун басынгандыгы.

Мектепте куугунтукталган балдар ар дайым чүнчүп, коркуп, кыжаалаттанышат, обочолонуп калгандай сезишет, өз мүмкүнчүлүктөрүнө ишенбей, ар кандай ооруларга чалдыгышат, окуусу начарлайт. Зомбулукка кабылган окуучу сабакка кызыкпайт, ал өтө буулугуп, бир нерсеге көңүл токтото албайт, эс тутуму да начарлайт. Мындай учурда мугалимдин милдети – баланын ушундай жүрүм-туруму ырайымсыз мамиледен улам болуп жаткандыгын өз убагында туура түшүнүү

жана тиешелүү чараларды көрүү: бала менен сүйлөшүп, мектеп администрациясы, социалдык педагог менен биргеликте зомбулукту токтотуу үчүн чара көрүү.

**Себептер жана каршы аракеттер**

Жүргүзүлгөн изилдөөлөргө ылайык, чоңдордун психологиялык зомбулук кылышы балдардын чыр, ташбоор болушуна түрткү берет экен. Эгерде класс жетекчи окуучуларына жөнсүз талаптарды койсо, аларды басынтса жана кемсинтсе, андай класста зулумдук, касташуу күч алары аныкталган. Тескерисинче, мугалим окуучуларына сый мамиле жасаган класстарда бул көрсөткүч кыйла төмөн болуп чыкты.

Балдардын бири-бирине ырайымсыздык кылышынын башка көптөгөн себептери да бар: окуучунун өзүнүн зулумдугу; үй-бүлөдөгү жашоосунун начардыгы; баарлашуу көндүмдөрүнүн өнүкпөгөндүгү, зомбулуксуз шартта жашап көрбөгөндүк, өзүнүн укуктарын билбегендик ж.б. Булардын баарын жоюу мүмкүн эмес, бирок мектеп чөйрөсү педагогикалык аракеттердин атайын иштелип чыккан тутумуна таянып, жагдайды кыйла жеңилдетүүгө болот.

Бул иш чараларга зомбулук көрсөтүүчүлөр жана жабырлануучулар менен иш жүргүзүү, мисалы, аларга маалымат берүү, окутуу, тренингдерди жана окуучулар менен ар кандай ролдук оюндарды өткөрүү ж.б. кирет.

Ал эми жекече иш жүргүзгөндө педагог окуучу башка балдардын зомбулугуна кабылганда тийиштүү кадамдарды жасашы керек: зомбулукту токтотууга чара көрүп, зарыл болгон учурда жашы жете электердин укугун коргоочу компетенттүү органдарга кайрылышы зарыл.

*Балдарга катаал мамиле жасоонун себептери:*

- жумушсуздук же үй-бүлөнүн материалдык абалынын начардыгы;
- ата-эненин биринин же экөөнүн тең аракечтиги;
- ата-энелердин жалгыз бойлугу же ажырашып кеткендиги;
- ата-энесинин өтө жаштыгы;
- дене-бой жана психикалык жактан чаалыккандыгы;
- ата-эненин өзүмчүлдүгү, ар кандай көңүл ачууларга умтулуусу;
- балага кайдигерлиги;
- өтө оор талаптарды койгондугу ж.б.

*Балдарга үй-бүлөдө катаал мамилени болтурбоо жагынан класс жетекчинин милдеттери:*

- балдарга катаал мамиле жасоонун алдын алуу боюнча иштер тутумун түзүү;

- окуучулардын үй-бүлөдөгү мамилелерине тиешелүү маселелерди аныктоо;
- окуучунун дене-бой, психологиялык, социалдык саламаттыгына көңүл буруу;
- алдын алуу иш планын жүзөгө ашырууга үзгүлтүксүз көзөмөл жүргүзүү.

*Үй-бүлө менен иш жүргүзүү формалары:*

- ата-энелер чогулушу, анда орчундуу маселелерди, балдардын курактык өзгөчөлүктөрү (мисалы, «Өспүрүмдөрдүн агрессивдүү жүрүм-туруму», «Үй-бүлөлүк тарбиядагы чыр-чатактар») талкууланат;
- ата-энелерге анкеталык сурамжылоо жүргүзүү;
- «Ата-энелерге жардам», «Үй-бүлөдөгү зомбулук» аттуу дубал көрнөктөрүнө, папкаларга, буклеттерге жана эстеткичтерге маалыматтык материалдарды жайгаштыруу;
- айылдык, шаардык адистердин катышуусунда тегерек үстөл уюштуруу;
- бала тарбиялоодогу сенек көз караштарды жактаган, балага ылайыксыз талаптарды койгон үй-бүлөлөр менен иштешүү максатында чыр-чатакты психологиялык нукта жөнгө сала билген ата-энелердин мектебин түзүү;
- ата-энелер жана балдар үчүн тренинг;
- ата-энелер жана балдар үчүн биргелешкен иш чаралар;
- жеке адамдарга жана топторго кеңештерди берүү.

*Педагогдор менен иш жүргүзүү формалары:*

- төмөндөгү маселелер боюнча педагогдор менен баарлашуу:
  - ырайымсыз мамилеге кабылганда эмне кылууну балага үйрөтүү;
  - баланын обочолонуусун кантип азайтуу керек;
  - үй-бүлөдөгү зомбулук жана анын кесепеттери.
- диагностиканын жыйынтыктары боюнча педагогдорго кеңеш берүү;
- «Чыр-чатактын түзүмү жана мазмуну» мастер-классын өткөрүү;
- «Өспүрүм менен кантип баарлашуу керек?», «Үй-бүлөнүн укуктук негиздери» деген аталыштагы семинарлар;
- «Үй-бүлөдөгү зомбулук. Мындай мамилеге кантип кабылбоо керек?» иштиктүү оюну.

*Балдар менен иш жүргүзүүнүн түрлөрү:*

- класстык сааттар, маектешүүлөр ж.б;
- «Өзүңө өзүң кам көр», «Менин үй-бүлөм», «Эгер …., эмне кылуу керек?», «Кооптуу кырдаалдан кантип чыгуу керек?» сыяктуу тренингдик окуулар;
- кеңеш берүү;
- дубал такталарга маалыматтык материалдарды жайгаштыруу;
- окуучуларга «Жашоодогу баалуулуктар» , «Жашоонун сергек мүнөзү», «Үй-бүлөлүк ар кандай кырдаалдагы балдардын психоэмоционалдык абалы» деген анкеталык сурамжылоолорду жүргүзүү;
- айылдагы, шаардагы адистер (юрист, врач, психолог ж.б.) менен жолугушуу;
- «Жүрүм-турумдагы жана эмоциядагы өксүктөрдү жоюу» жөнгө салып, өнүктүрүүчү сабактары ж.б.

**Ырайымсыз мамилени алдын алуу боюнча класс жетекчинин иштери**

1. «Опуртал топтогу» окуучуларды аныктоо:
   - окуучулардын өздүк ишин иликтөө;
   - окуучулардын, класстын социалдык картасын түзүү;
   - «опуртал топтогу» балдарды аныктоо;
2. Балдардын психологиялык-педагогикалык өзгөчөлүктөрүн иликтеп көрүү:
   - баланын сабактагы жана андан тышкаркы ишмердигин сабакта, ийримдерде байкоого алуу;
   - окуучулардын педагогикалык мүнөздөмөсүн түзүү.
3. Үй-бүлөдөгү балдарга жасалган катаал мамиле тууралуу маалыматтарды чогултуу максатында класстагы окуучуларга анкеталык сурамжылоо жүргүзүү.
4. Үй-бүлөдө балага кеп-кеңеш берүү:
   - ата-энелерге жекече кеп-кеңеш берүү;
   - класстык жана ата-энелердин тематикалык жыйналыштарды өткөрүү.
5. Балага жасалган катаал мамиле тууралуу аныкталган фактылар боюнча социалдык кызмат жана ведомстволордун адистерине кайрылуу.
6. Мектеп администрациясы менен биргеликте иштешүү.

*Ырайымсыз мамиле аныкталган учурдагы аракеттер*
*Класс жетекчи:*

- ырайымсыз мамиленин болгондугу аныкталган учурда бул тууралуу мектеп администрациясына, социалдык педагогго билдирет;
- жабыркаган бала жана анын үй-бүлөсү тууралуу мындан аркы иш-аракеттерди пландаштырууга керек боло турган бардык маалыматтарды чогултат;
- балага моралдык жактан колдоо көрсөтөт;
- үй-бүлөнүн социалдык-педагогикалык мүнөздөмөсүн түзөт;
- бала менен жана/ же анын үй-бүлөсү менен иштөөнүн жекече планын түзүп чыгат;
- ырайымсыз мамиле жасоонун аныкталган фактысы боюнча жүргүзүлгөн иштердин отчетун даярдайт.

*«Катаал мамилесиз жана зомбулуксуз балалык» урааны астында коомдук маанидеги иш-чараларды өткөрүү:*

- тематикалык класстык сааттар;
- укуктук билим күнү;
- «Биз зомбулукка каршыбыз!» жаштар форуму;
- ушундай эле аталыштагы тегерек үстөл;
- илимий-практикалык конференция;
- талкуу клубу;
- викториналар, иштиктүү оюндар;
- укуктук билим алуу жумалыгы;
- аракечтик жана баңгилик илдеттердин алдын алуу жумалыгы;
- «Өспүрүм» аттуу ведомство аралык рейд өткөрүү ж.б.

## Класстагы ырайымсыздыкты алдын алуу боюнча класс жетекчинин ИШ ПЛАНЫ (үлгү)

| Катар № | Мазмуну |
|---|---|
| 1. | Тематикалык профилактикалык класстык сааттар. |
| 2. | Толеранттуу жүрүм-турумду, укуктук маданиятты калыптандыруу боюнча класстык сааттар. |
| 3. | Балдарды кылмыштан, укук бузуудан, селсаяктыктан сактандырган кинобаяндар. |
| 4. | Жашы жете электер менен иштөө инспекциясынын инспекторлору, профилактика тутумунда иш жүргүзүүчү ведомство жана кызматтардын адистери менен жолугушууларды уюштуруу. |

| Катар № | Мазмуну |
|---|---|
| 5. | Балдарды жана өспүрүмдөрдү социалдаштыруу. «Ден соолук», «Өзүң танда» ж.б. чакан программалар менен иштөө. |
| 6. | «Сенин кесиптик өсүшүң». Окуучулардын кесип тандоосуна арналган сабактар. |
| 7. | Алдын алуу иштери боюнча бир айлык иш-чаралар:<br>- окуучулар арасындагы укук бузуулар;<br>- «XXI кылым – баңгисиз жашоо кылымы». |
| 8. | Алдын алуу тутумунда иш жүргүзгөн ведомство жана кызматтардын адистери, медициналык кызматкерлер менен жеке жана жамааттык сүйлөшүүлөр. |
| 9. | Ден соолук күнү. |
| 10. | Кошумча билим алуу бирикмелерине окуучуларды тартуу:<br>- Ачык эшиктер күнүнө катышуу;<br>- «Таанышып алыңыздар, биз сиздерге коңушубуз!» таанышуу кечеси; |
| 11. | Психологиялык-медико-педагогикалык комиссиянын ишмердик планына шайкеш диагностикалык жана жөнгө салуу иштери. |
| 12. | «Эң мыкты укукчул класс» сынагы |
| 13. | Класстагы балдардын өзүн-өзү башкаруусун өнүктүрүү. |
| 14. | Спорттук иш-чаралар тутумун уюштуруу (мектептин спорттук массалык иш-чараларынын планына ылайык) |

Учурда ата-энелер баштан кечирип жаткан экономикалык жана психологиялык кыйынчылыктар балдарга карата мындай катаал мамилелердин өөрчүшүнө өбөлгө болуп жаткандыгы анык. Ата-энелер өз балдарын чоң ата, чоң энелеринин, жакын тууганарынын, мамлекеттин кароосуна калтырып же болбосо жоопкерчиликти моюнга алуудан качып, жөн гана таштап кетип жаткан учурлар арбын кездешет.

Эгерде сиздин окуучуңуз, же болбосо таанышыңыз же коңушуңуздун баласы зомбулуктан жабыр тартса, эмне кылуу керек, каякка кайрылган оң?

1. Зомбулукка учураган баланын жашына, мүнөзүнө, окуянын кандай шартта же кайсыл жерде (үй-бүлөдөбү же андан сырткарыбы) болгондугуна карабастан, жабырлануучу чоңдордун жардамына, колдоосуна жана коргоосуна муктаж экендигин эстен чыгарбоо керек. Болгон окуяны жаап-жашыруу баланын укугун жана кызыкчылыгын тебелөө болуп саналат.
2. Баланын денесине зыян келтирилип, же психикалык жаракат алган оор учурларда, сөзсүз медициналык мекемелерге кайрылуу зарыл.

3. Эгерде бала мындай кылмыштан жабыркаса, же мындай үй-бүлөдө калышы анын өмүрүнө жана ден соолугуна кооптуу боло баштаса, РИИБнө, же жашаган жери боюнча милициянын атайын бөлүмдөрүнө токтоосуз кайрылуу керек. Сиздин арызыңыз жазуу түрүндө гана эмес, оозеки да кабыл алынат. Оозеки даттануу протоколго тиркелип, арызды кабыл алган адам менен арыз ээси тарабынан кол коюлат.
4. Эгерде бала ата-эненин кароосунан сырткары калып же үй-бүлөдө ырайымсыз мамилеге кабылса, асыроо жана камкордук көрүү органына кайрылууга болот.
5. Зомбулукту баштан кечирген балдар психологиялык жардамга муктаж болушат. Ошондуктан андай балдарды кесипкөй адистер менен жолуктуруу зарыл.

Жыйындын соңунда балдарга ырайымсыз мамиле жасоо коомдогу ырайымсыздыктын чагылышы экендигин белгилөө керек. Бул сырттан эмес, ичтен ириген маселе. Келиңиздер, бул көйгөйдөн четтеп өтүп кетелиби, же колдон келген бардык аракетибизди көрөлүбү, аны чогуу чечели.

**Жыйындын жалпы корутундулары:**

1. Мектепте бейжайлыкты эртерээк аныктап, балдарга карата зомбулукту алдын алууну тездетүү керек.
2. Укуктук тарбиянын түрлөрүн жана ыкмаларын, ошондой эле балдарга карата мектептеги катаал мамиленин алдын алуу чараларын өркүндөтүп, кеңири ишке ашыруу зарыл.
3. Бул иш-чараларга коомдук укук коргоо уюмдарын көбүрөөк тартып, жабыркаган балдар менен иштөөдө таасирдүү механизмдерди түзүү керек.
4. Бир тараптан, баланын кызыкчылыгы үчүн иш жүргүзгөн түзүмдөр ортосундагы, экинчи тараптан, бала менен анын үй-бүлөсүнүн ортосундагы карым-катышты жөнгө салуу.

## «Үй-бүлөдөгү зомбулуксуз тарбиялоо» темасы боюнча ата-энелер үчүн практикумдун болжолдуу сценарийи

**Максаттары:**

- балдарга зомбулук көрсөтүүнүн зыяндуу экенине ата-энелерди ынандыруу;
- балдарды зомбулуксуз ыкмалар менен тарбиялоонун артыкчылыктарын көрсөтүү;
- үй-бүлөдө гумандуу мамиле түзүү жолдорун аныктоо.

**Катышуучулар:** класс жетекчи, социалдык педагог, мектеп психологу, башталгыч класс окуучуларынын ата-энелери.

*Даярдык көрүү жумуштары:*

Ата-эне менен балдардын ортосундагы гумандуу мамиленин деңгээлин аныктоо максатында окуучуларды анкеталык сурамжылоо.

**Көрсөтмө.** Ар бир сүйлөмдөгү бош жерге өзүңдүн оюңа туура келген бир гана сөздү тандап алып, тушундагы чарчыга белги коюп чык.

| | |
|---|---|
| 1. Апам мага ...<br>мээримдүү карайт.<br>☐ көбүнчө;<br>☐ кээде гана;<br>☐ өтө сейрек учурда;<br>☐ эч качан; | 4. Атам мага ...<br>кыйкырат.<br>☐ көбүнчө;<br>☐ кээде гана;<br>☐ өтө сейрек учурда;<br>☐ эч качан; |
| 2. Атам мага ...<br>мээримдүү карайт.<br>☐ көбүнчө;<br>☐ кээде гана;<br>☐ өтө сейрек учурда;<br>☐ эч качан; | 5. Апам мени ...<br>чаап жибериши мүмкүн.<br>☐ көбүнчө;<br>☐ кээде гана;<br>☐ өтө сейрек учурда;<br>☐ эч качан; |
| 3. Апам мага ...<br>кыйкырат.<br>☐ көбүнчө;<br>☐ кээде гана;<br>☐ өтө сейрек учурда;<br>☐ эч качан; | 6. Атам мени ...<br>чаап жибериши мүмкүн.<br>☐ көбүнчө;<br>☐ кээде гана;<br>☐ өтө сейрек учурда;<br>☐ эч качан; |

2. Ата-энелерге анкеталык сурамжылоо жүргүзүү.

**Көрсөтмө.** Жооп варианттарынан тандап, тиешелүү саптарга «+» белгисин коюп чыгыңыз.

**Ата-энелер үчүн анкета**

| № п/п | Жазалоо ыкмалары | Сизди ата-энеңиз кантип жазалачу эле? | Сиз балдарыңызды кантип жазалайсыз? |
|---|---|---|---|
| 1. | Бурчка тургузуп коюшчу | | |
| 2. | Узак убакыт бою сүйлөшпөй коюшчу | | |
| 3. | Уруп-согушчу | | |
| 4. | Эркиндигимди чектешчү | | |

| № п/п | Жазалоо ыкмалары | Сизди ата-энеңиз кантип жазалачу эле? | Сиз балдарыңызды кантип жазалайсыз? |
|---|---|---|---|
| 5. | Жакшы көргөн ишимден четтетишчү | | |
| 6. | Улам эле жемелей беришчү | | |
| 7. | Бөтөн адамдардын көзүнчө уяткарышчу | | |
| 8. | Кемсинтип, тилдешчү | | |
| 9. | Жакшы көргөн тамактарымды бербей коюшчу | | |
| 10. | Каалаган нерсени сатып алуума чек коюшчу | | |
| 11. | Үйдөн кубалашчу | | |

3. Бул практикумду өткөрүү үчүн педагогикалык милдеттерди аныктоо.

4. Социалдык педагог жана мектеп психологу менен бирдикте ата-энелер үчүн эстеткичтерди иштеп чыгуу.

Жасалгалоо, жабдуулар жана керектүү буюмдар:

1) ата-энелер үчүн эстеткич-кеңештер;
2) тактада жыйналыштын темасы жазылып, ата-энелер жана окуучулар үчүн жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыктары диаграмма түрүндө көрсөтүлөт;
3) педагогикалык тапшырмалар жазылган баракчалар.

**Практикумдун жүрүшү:**

**I. Уюштуруу бөлүгү.**

Ата-энелер чакан топторду түзүп, аудиторияда өздөрү каалагандай орун алышат. Класс жетекчи жыйналыштын темасын атап, анын актуалдуулугун баса көрсөтүү менен балдарды тарбиялоодогу катаалдыктын көйгөйлөрү тууралуу басма сөздөн жана педагогикалык практикадан алынган мисалдарды келтирет.

**II. «Тарбия – бул...» деген аталыштагы маселени талкуулоо.**

Ата-энелердин чакан топторуна төмөндөгү ойду улантуу сунуш кылынат: «Тарбия – бул...». Ар бир топтун өкүлдөрү жамаат сунуш кылган пикирди угуза окуп беришет. Акырында класс жетекчи жыйналыштын катышуучуларынын айтылган ой-пикирлерин жыйынтыктайт.

**Класс жетекчи.** Тарбиялоо процессинде улуулар менен балдардын ортосундагы өз ара кызматташуу, иштешүү, таасирлешүү,

баарлашуу зарыл экендигин, мунун жыйынтыгында эки тарап өзгөрүлөрүн түшүнүү абдан зарыл. Андыктан тарбиялоодо төмөндөгү эрежени колдонуу керек: Кайсы бир талапты балага коюудан мурун, аны өзүңүзгө коюп көрүңүз. Балдарды жакшы тарбиялагысы келген ата-энелер, ириде өздөрү жүрүм-турумун оңдоого тийиш, башкача айтканда алар өздөрүн тарбиялоого да убакыт табышы керек. Эгерде ата-энелер өздөрү аткарбаган талаптарды балдарына койсо, анда мажбурлоо менен гана көндүрүшү мүмкүн. Себеби, балдар жазалануудан корккондугу үчүн гана ата-энелердин талаптарын формалдуу түрдө аткарууга аргасыз болушат.

Тилекке каршы, айрым үй-бүлөлөрдө алигиче балдарды уруп-согуу менен жазалап, аны жазанын эң бир таасирдүү түрү деп эсептегендер бар. Муну менен ата-энелер уруп-согуу баладагы эң мыкты сапаттарды мокотуп, калп айтууну, эки жүздүүлүктү, коркоктукту, ырайымсыздыкты, катаалдыкты жана улууларга болгон жек көрүүнү жаратаарын түшүнө беришпейт.

Айрым ата-энелер балдарын уруп-сокпосо да, башка ыкмалар менен кемсинтип келишет. Кээде атасы же энеси баланын айрым бир туура эмес кылыгына гана баа берүүнүн ордуна, анын өзүн жамандап салышат. Ал эми кээ бир ата-энелер орой сөз менен кемсинтип, кордоого жол беришет.

Балдарын эмгек менен жазалоону колдонгон үй-бүлөлөр дагы бар. Мындай кырдаалда бала эмгектенүүнү жаман көрүп калат да, эгерде айыптуу болсоң, эмгектенүүгө милдеттүүсүң, күнөөң жокпу – демек, эмгектенбей деле койсоң болот деп туура эмес тыянак чыгарат.

Айрым үй-бүлөлөрдө баланы тамак-аш бербей коюп жазалашат. Бул туура эмес, себеби мындай жазалоо баланын үй-бүлө мүчөлөрүнө ачуусун келтирет: тамакка болгон муктаждык – бул табигый талап, ал сөзсүз канааттандырылышы керек.

Үй-бүлөдө балдарды сыйлоо жана жазалоо белгилүү бир шарттарда гана таасирдүү болушу мүмкүн. Ал үчүн ата-энелер өз талаптарынын ырааттуу аткарылышына катуу турушу зарыл. Талап коюуда орундууларын гана тандап, баланын кызыкчылыгы менен да эсептешүүнү унутпоо керек. Баланын тигил же бул аракети эмне себептен айыпталып жаткандыгын түшүндүрүү абзел. Бала кайсыл куракта экендигине карабастан, ал жазаны адилеттүү түрдө алып жаткандыгын түшүнүп, мындай иш-аракеттерди экинчи кайталабоого ичинен даяр болушу керек.

Ата-эне жазаламакчы болгондо баласынын мындай кылыкты биринчи ирет жасаганын же көптөн бери тил албай келгенин сөзсүз эске алууга тийиш. Мындай учурда жаза колдонуу чаралары бирдей болууга тийиш эмес: жазанын катаалыраак түрүн жаман жорук

экинчи ирет кайталанганда пайдаланса болот. Балдарды айыптоодо ата-энелер акыйкат болуусу керек.

**Мисал.** Эки бала урушуп кетти дейли. Алардын бирин жазалоодон мурун, ата-энелер уруштун чыгуу себептерин аныктап, ким күнөөлүү экендигин далилдүү аныктап гана жаза колдонууга тийиш. Ачууңуз катуу келип турган учурда да жазалоого болбойт: баланы бөөдө таарынтып алышыңыз мүмкүн. Бул кырдаалда жаза колдонбой эле, эскертүү менен чектелсе болоорун кеч түшүнүп калган учурлар аз эмес.

Ар бир үй-бүлөдө баланын жекече өзгөчөлүгүн эске алуу менен жазалоо жана сыйлоонун белгилүү бир эрежелери калыптанып калат. Мындай учурда, үй-бүлө мүчөлөрү менен карым-катыш ыңгайын, улуулар тараптан айтылган сын-пикирлерди кабыл алуу жагынан баланын сезимталдыгын, анын жалпы эле тарбиясын көңүлгө алуу керек. Кээде кыйыткан сөз, мисалы, башкалардын жорук-жосундарына берилген баа, балага түздөн-түз жасалган аракеттен да катуураак таасир калтырышы мүмкүн. Андыктан ушундай кырдаалдар тууралуу жазылган аңгеме же жомоктордон окуп берип, анын жасаган иш-аракети кандай баага арзый турганын талкууласа, кыйла жакшы натыйжага жетишилет.

Жазалаганда эле эмес, сыйлаганда да аша чаппаш керек. Сөзгө аларлык эч нерсе кылбаса деле сыйлык ыйгарып, обу жок мактай берсе, бул тескери гана натыйжа алып келет. Ошондо баланын өзүнө өзү корстон болгон, менменсинген, кекирейген жаман сапаттары өөрчүйт. Чеги менен сыйласа, баланын мындан да жакшы окууга, жүрүм-турумун мындан да жакшыртышына дем берилет.

### III. Анкеталык сурамжылоонун жыйынтыктары менен тааныштыруу.

Ата-энелер комитетинин төрагасы чогулгандарды окуучулардын жана ата-энелердин анкеталык сурамжылоосунун жыйынтыктары менен тааныштырат.

### IV. Чакан топтордо иштөө (ата-энелер үчүн практикум)

Ар бир чакан топко педагогикалык эки кырдаал жазылган барактар таркатылып берилет. Аларды жамаат менен талкуулаган соң топтун өкүлдөрү жыйындын катышуучуларын педагогикалык кырдаалдардын мазмуну жана анын чечилиши менен тааныштырышат.

*1-педагогикалык кырдаал.*

Кызынын математика сабагынан жетишпей жаткандыгын энеси ата-энелер жыйналышынан угуп, үйүнө келди. Бул кырдаалдын себептерин кызы менен жай олтуруп талкуулоонун ордуна, энеси: «Сен

эмне үчүн ушунчалык келесоосуң, математика сабагынан жазылган текшерүү ишинен жалгыз гана сен эки алыптырсың?!» – деди.

Ал туура кылдыбы? Анын ордунда сиз кандай кылат элеңиз?

*2-педагогикалык кырдаал.*

Бала көчөдө жана конокто (башкача айтканда, элдин көзүнчө) бейбаштык кылды. Энеси: «Ушу сен... Бул эмне кылганың?! Ме сага!» – деп кыйкырып, желкесине коюп калды.

Ал туура кылдыбы? Бул учурда сиз кандай кылат элеңиз?

*3-педагогикалык кырдаал.*

Алгачкы кар. Балдар эшиктен кийимдери кир жана суу болуп, бирок кубанычтуу кирип келишти. Энеси буга ачууланып, балдарды жазалоо үчүн пол жуудурду.

Ал туура кылдыбы? Бул учурда сиз кандай кылат элеңиз?

*4-педагогикалык кырдаал.*

Адатта жакшы окугандыгы үчүн баласына ата-энеси ыраазы болуп, белек ыйгарууну жакшы көрүшөт. Небереси олимпиадада байгелүү орунга жеткендигин куттуктап, чоң энеси ага китеп жана момпосуй белек кылды. Белекти ачып көргөн кыз баарына угуза: «Китептер бизде ансыз деле бар, ал эми мындай арзан момпосуйларды мен жебеймин», – деп, терс бурулду.

Тарбиялоодо кандай катачылыктарга жол берилген? Сиз кандай кылат элеңиз?

*5-педагогикалык кырдаал.*

Эки бала мушташа кетишти. Ачууланган чоңдор алгач балдарды жазалаган соң, уруштун себептерин аныктап киришти.

Тарбиялоодо кандай катачылыктарга жол берилген? Сиз кандай кылат элеңиз?

*6-педагогикалык кырдаал.*

Бала конструктор сатып бергиле десе, атасы: «Чейректи үч деген бааларсыз аяктачы, анан сатып берем», – деген шарт койду.

Тарбиялоодо кандай катачылыктарга жол берилген? Сиз кандай кылат элеңиз?

## V. Ата-энелер чогулушун талкуулоо жана чечим кабыл алуу (ата-энелер үчүн эстеткич түрүндө)

***«Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуксуз тарбиялоо». Ата-энелер үчүн эстеткич***

*Жаза колдонуу керек болуп жаткандай сезилген кырдаалдан кантип чыгууга болот:*

1. Балаңыздын сөзүнө кулак салыңыз. Анын эмнеден кыйналып жатканын түшүнүүгө аракеттениңиз. Баланын пикирине дайыма эле макул боло берген жарабайт, бирок ата-эненин көңүл буруусу баланын адамдык кадыр-баркын, үй-бүлөдөгү ордун сезе билүүсүнө түрткү берет.
2. Чечимди балаңыз менен бирдикте кабыл алыңыз жана анын өз алдынча чечим чыгаруусуна да мүмкүндүк бериңиз: мындай шартта бала өзү белгилеген эрежелерге чын көңүлдөн баш ийип, аткарат. Ырас, кээде чечимдерди ата-эне өзүнчө чыгарууга туура келет. Арийне, балага тандоо укугун берсеңиз, ал айрым мүмкүнчүлүктөрдү өзү тандоого акылуу экендигин сезет.
3. Бала өзүн туура алып жүрүүгө тийиш болгон жагдайларды ага алдын ала эскертип, катачылыкка жол берген учурда оңдоп-түзөөгө көмөктөшүңүз.
4. Балага бир иштен экинчи бир ишке өтүүдө тыныгуу мүмкүнчүлүгүн бериңиз.
5. Баладан бир нерсени талап кылуудан мурун, бул тууралуу ага ачык, так көрсөтмөлөрдү бериңиз.
6. Эгерде бала бир нерсени жакшы түшүнбөй же унутуп кала турган болсо, ага ачууланууну кереги жок. Кыжырданбай, талаптарыңызды дагы бир ирет сабырдуулук менен түшүндүрүңүз. Бала кайталап түшүндүрүүгө муктаж.
7. Баладан көп нерсени дароо талап кылууга болбойт: талаптарды акырындык менен кабыл алуусуна мүмкүндүк бериңиз, ал анын баарын дароо аткара албайт.
8. Балага колунан келбей турган талаптарды койбоңуз.
9. Ачууга алдырбаңыз. Бала эмне себептен ушундай ишке барганын, анын бул аракети эмнеден кабар берип жатканы тууралуу ой жүгүртүп, талдап көрүңүз.
10. Мындай кырдаалда балага кандай жардам бере алаарыңызды ойлонуп көрүңүз.

## МЕТОДИКАЛЫК НУСКАМАЛАР
## (балдарга жана ата-энелерге кеңештер, эскертмелер)

### Кенже класс окуучулары үчүн анкета

*Төмөндөгү сүйлөмдөрдү толукта:*

1. ________________________________________ учурда мен көбүнчө кубанам.
2. ________________________________________ учурда мен көбүнчө каткырам.
3. ______________________________ учурда менин маанайым көтөрүңкү болот.
4. ________________________________________ учурда мен көбүнчө ыйлайм.
5. _______________________________________ учурда мен көбүнчө ачууланам.
6. ________________________________________ учурда мен көбүнчө таарынам.
7. ______________________________________ учурда мен өзүмдү жакшы сезем.
8. ______________________________________ учурда мен өзүмдү жаман сезем.
9. Өзүмдү жаман сезип турган учурда ____________________________________ менен сүйлөшүүнү каалайм.
10. Өзүмдү жаман сезип турган учурда (кимдин) ____________________________ жардам беришин жана сооротушун күтөм.

### Ортоңку жана жогорку класс окуучулары үчүн анкета

*Ойлонуп көрүп, төмөндөгү суроолорго жооп бер:*

1. Сенин оюң боюнча, зомбулукка кабылуу деген эмне? _____________________
2. Биздин заманда адамга зомбулук жасоо мүмкүн деп ойлойсуңбу? __________
_____________________________________________________________________
3. Зордук-зомбулуктун кайсы түрлөрүн билесиң? ___________________________
_____________________________________________________________________
4. Зордук-зомбулукка кабылган учуруң болду беле? ________________________
_____________________________________________________________________
5. Сага карата зомбулук көрсөтүлүшү мүмкүн деп ойлойсуңбу? ______________
_____________________________________________________________________
6. Сага карата жасалуучу зомбулукту болтурбай коюу мүмкүнбү? ____________
_____________________________________________________________________
6. Бул үчүн кандай чараларды көрүү керек? _____________________________
7. Ата-энең сени менен бул тууралуу сүйлөшөбү? __________________________
8. Сени менен бул темада сүйлөшүп жатканда, алар айрыкча кайсыл жагдайга көбүрөөк көңүл бурушат? ______________________________________________
9. Үй-бүлөңдө зомбулукка учурашың мүмкүнбү? ____________________________

### Зомбулук тууралуу ата-энелерден анкеталык сурамжылоо

*Урматтуу ата же эне!*

*Ойлонуп көрүп, төмөндөгү суроолорго жооп бериңиз:*

1. Сиз балаңызга анын зомбулукка туш болуп калышы ыктымал экендигин айтасызбы? ________________________________________________________
2. Өзүнө карата зомбулукту алдын алуу жана аны менен күрөшүү тууралуу балаңызга эмнелерди үйрөтөсүз? _____________________________________
3. Балаңыз чукул жардам көрсөтүү кызматынын телефондорун билеби? _______
_____________________________________________________________________

4. Зордук-зомбулук менен күрөшүүгө арналган теле көрсөтүүлөрдү балаңызга түшүндүрүп айтып бересизби? ________________________________________
5. Балаңыз өзүн-өзү коргоо эрежелери менен таанышпы? __________________
6. Балаңыз бош убактысын кимдер менен өткөрөөрү сизге маалымбы? Ага бош убактысын бирге өткөргөн адамдар зомбулук кылышы мүмкүнбү? _____________
__________________________________________________________________
7. Сиздин оюңузча бала зомбулукка кайсыл жерден учурашы мүмкүн? _________
__________________________________________________________________

**Кенже класстын окуучуларына кеңештер**

- Кайсы жерге бараарың тууралуу ата-энеңе дайыма айтып жүр.
- Дайыма досторуң менен гана сейилде.
- Түн ичинде досторуң менен ээн жерлерге барба.
- Бейтааныш адамдардан белек алба.
- Эгерде кимдир-бирөө сени жол көрсөтүп жүр десе, алгач ата-энеңден уруксат сура.
- Коркунучка туш болсоң – адамдар көп чогулган тарапка чурка.
- Канчалык кыйналсаң да, көйгөйлөрүңдү ар кимге эле айта бербе.
- Эч кимге эшик ачпа жана эшиктин сыртынан суроо узаткандарга жооп бербе.
- Эгерде кимдир-бирөө үйгө кирип келүүгө аракет жасаса, алгач милицияга телефон чалып, андан соң терезени ачып, элден жардам сурап кыйкыр.
- Эгер машинанын ичиндеги адамдар кайсы бир тарапка кантип жетүү тууралуу сурап кайрылса – жакын барба жана жолуңар бир болгон учурда да аларды коштоп барууга макул болбо.
- Сага кол тийгизүүгө эч кимдин укугу жок. Муну жасоого аракет кылган адамга бул тууралуу айтуудан тартынба.
- Эгерде сени кимдир-бирөө коркутса, эл көп чогулган коопсуз жерге дароо жөнө.
- Сени кимдир-бирөө бир жакка чакырса, ата-энеңден уруксатсыз барба.

**Өспүрүмдөргө кеңештер**

- Үйдөн качпа! Эгерде үйдөгү жашоого чыдоо мүмкүн болбосо, мугалимиң же өзүң сыйлаган башка бир адам менен баарлаш. Үйдөн качып кете турган болсоң, сени баңги бизнеси, порнография же сойкулук үчүн колдонуу максатын көздөгөн адамдардын колуна түшүп каласың.

- Достошолу деген адамдардан өтө этият бол. Өзүңдү жалгыз сезип же кайгырып турган учурда, сага камкордук көрүмүш этип, өз максатына пайдаланчу арсыз адамдын колуна түшүп калаарыңды эсиңден чыгарба.
- Ээн жана бейтааныш жерге чакыргандарды эч качан ээрчибе. Сага өтө жакшы айлык акы төлөнүүчү ишти сунуш кылган адамдардан да сак болуу керек.
- Эгер иштегиң келсе, жумушту тааныштарың аркылуу табууга аракеттен.
- Эч качан өзүңдү бейтааныш адамдардын сүрөткө тартуусуна макулдук бербегин. Чоң ийгиликтерге жетесиң деп азгыргандарга ишенбе.
- Бейтааныш адамдардын машинасына түшпө.
- Өзүңдүн тааныш балдарың жана досторуң менен гана сейилде.
- Досторуң менен каякка жөнөп жатканыңды, пландарыңдын өзгөргөнүн да ата-энеңе дайыма кабарлап тур.
- Сага өзүңдүн уруксатыңсыз тийишип турууга (мисалы, кол кармашууга, жөлөнүүгө) эч кимдин укугу жок. Мындай аракет кылган адамга бул тууралуу айтуудан тартынба.
- Эгерде коркунучту туйсаң, демек ага себеп бар, мындай учурда өзүңдүн ички туюмуңа ишенгениң оң.

**Жогорку класс окуучуларына эстеткич**

Эгерде сен зомбулукка кабылгың келбесе, бул эрежелерди эсиңе түйүп ал:

1. Тааныш эмес адамдар катыша турган кечеге барууга камданып жатсаң, өзүң ишенген жакшы жолдошуңду ээрчитип ал.
2. Кеченин башталышында коштошпостон кетип калбасыңды баарына эскертип кой. Эгерде кечеден кимдир бирөө менен кетүүнү чечсең, бул тууралуу досторуңа айтып кой.
3. Ички туюмуңа ишен. Эгерде психологиялык жактан ыңгайсыздыкты сезсең, бул кооптуу жагдайдан кабар бериши мүмкүн.
4. Өзүң үчүн так чектерди белгилеп ал: эмнени каалап жатасың да, эмнелерге жол бергиң келбейт?
5. Так, даана чечим чыгаруу жөндөмүңдү сактап кал жана кандай кырдаал болбосун туура аракет кылууга үйрөн.
6. Өзүңдү ишенимдүү алып жүр. Кимдир-бирөө таарынса деле, сен өзүңө кам көрүүгө укуктуусуң.
7. Эгерде жакындарыңдын кечеден тосуп алуу же алып кетүү мүмкүнчүлүгү болсо, аны пайдаланып кал (ошондо өзүңө жакшыраак ишенип, иш-аракеттериңди туура көзөмөлдөй

аласың). Жалгыз калган учурда жеке менчик таксиге түшпө. Мындай учурда узатып чыккан коноктон машинанын номурун жаттап же жазып алууну суран.

8. Сексуалдык зомбулуктан сактануунун толук ишенимдүү жолдору жок. Бирок чочулата турган белгилер бар, мисалы, адепсиз мамилеге, өтө жакындап, жабышуу аракетине жол бербеш керек.
9. Сени кимдир-бирөө ыңгайсыздыкка мажбурлап, наразылыгыңды этибарга албай, же бир башка жолдор менен сыйлабастыгын көрсөтсө, анда ал адам менен мамилени токтоосуз үзүп салуу керек.

**Ата-энелерге эстеткич**

*Баланы уруп-согуп жазалоого болбойт, анткени бул:*

1. Балага зомбулукту үйрөтөт.
2. Ар бир бала үчүн зарыл мүмкүнчүлүктөн – өзүнүн сүйүктүү экенин сезүү ишениминен ажыратат.
3. Өзү кичинесинде таяк жеген чоңдор гана балдарын сабашат.
4. Жазалоонун бул түрү балага: «Мен сени жакшы бол деп гана сабап жатам»,- деген карама-каршылыктуу далилдерге ишенүүгө көнүктүрөт. Баланын мээси бул маалыматты сактап калат.
5. Бул өч алууга түрткү берип, ал каалоо көмүскөдө калганы менен, кийинчерээк баары бир ачыкка чыгат.
6. Бул өзүнүн жана башкалардын азап чегүүлөрүнө болгон кабылдоо сезимин мокотуп, баланын өзүн жана башкаларды таанып билүү жөндөмүн чектеп коёт.

*Мындан бала кандай сабак алышы мүмкүн?*

1. «Сый-урматка татыктуу эмес экенмин».
2. «Жакшы нерселерди жазалануу аркылуу үйрөнсө болот». (Мындай түшүнүктөн улам бала башка бирөөлөрдү жазалаганга кызыгат).
3. «Уруп-сокконго, кыйнаганга капаланбай, аны этибарга албай эле коюу керек» (бул иммунитетти начарлатат).
4. «Жакшы көргөндүктөн уруп-сабайт» (мындай түшүнүк көз караштын, мүнөздүн бузулушуна, наадандыкка алып келет).
5. «Сезип-туйгандарыңды жашырып, танган эле жакшы».
6. «Чоңдор баары бир коргобойт».

*Баланын тумчуктурулган кыжыры кандайча ачыкка чыгат?*

1. Алсыз жана болушары жок балдарды келекелейт.
2. Классташтары менен мушташат.
3. Апасын элестеткен кыздарды кемсинтет.
4. Мугалимге жаман мамиле жасайт.

5. Көмүскөдө катылган каарды, кыжырды сезүүгө мүмкүндүк берген видеоюндар менен телекөрсөтүүлөрдү тандап көрөт.

**Ата-энеге кеңештер**

1. **Балдарыңызга жакшы үлгү көрсөтүңүз.** Баланы коркутуу, угуп-согуу, психологиялык жактан басмырлоо, кемсинтүү аркылуу жагдайды жөнгө салуу мүмкүн эмес. Балаңыз сиздин жүрүм-турумуңузду үлгү кылып, күч колдонбой эле ачууну басса болоорун үйрөнөт. Зарыл чектөөлөрдү так аныктап коюңуз. Мындай чектөөлөр ар кандай кырдаалда өзүн-өзү кармай билүүгө, күч колдонбой эле ортодогу эмоцияларды көзөмөлдөй билүүгө үйрөтөт.

2. **Балаңыз окуган мектепке тез-тез барып туруңуз.** Балаңыздын өзүн-өзү төмөн баалап, көңүлүнүн чөгүшүнө алып келген көйгөйлөр пайда болсо, дароо мектепке барганыңыз оң. Мектеп кызматкерлеринин милдети – сиздин балаңыздын жакшы окушуна жана ийгиликке жетишине жардам берүү.

3. **Балага сыналгыда көрсөтүлүп жаткан зомбулук тууралуу айтып бериңиз.** Мындай учурда сыналгыны жөн гана өчүрүп коюу туура эмес. Көпчүлүк учурларда фильмдерде көрсөтүлүп жаткан зомбулук көрүүчүнү кызыктыруу, козутуу үчүн чыгарылган нерсе экенин айтыңыз. Андай жоруктарды туурап акмак болбоо керектигин түшүндүрүңүз.

4. **«Мен сени жакшы көрөм» деген сөздүн маанилүүлүгүн баалабай коюуга болбойт.** Бардык эле курактардагы балдар достук иретинде далыдан таптап кучактоого, эркелетүүгө, өөп-жыттоого муктаж болушат. Алар «Мен сени менен сыймыктанам!» деген сөздү угууну каалашат.

5. **Балдарыңыз менен зомбулук темасында сүйлөшүңүз.** Алар өздөрүнүн кайгысы, жек көрүүсү, коркуусу тууралуу айткысы келсе, кунт коюп угууда дайыма даяр болуңуз. Ата-энелер ар дайым балдарынын тынчсызданып жаткандыгын билүүгө, алардын кызыкчылыктарын, сезимдерин бөлүшүүгө жана ошондой эле керектүү кеңештерди айтууга милдеттүү. Балдарыңыз сиз менен кантип сүйлөшүп жаткандыгын байкоого алыңыз.

Эгерде бала зомбулукка учураган болсо, болуп өткөн кокустукту талкууга алууга же аны актоого аракет кылбаңыз. Шашпай иликтеп, эмне болгондугун аныктап көрүңүз да, зомбулукту токтотууга кантип көмөктөшөрүңүздү чечип алыңыз.

6. Эгеде Сиз же үй-бүлөңүздөгү дагы бир адам ишенимсиздикти, мээримсиздикти, жалгыздыкты сезип же болбосо баңгиликке, аракечтикке байланышкан маселеге туш келсеңиз, анда башкалардан жардам издегениңиз оң. Анткени зордук-зомбулук иштеринин жарымынан көбүн аракечтер же баңгилер жасайт.

**Балаңызды зомбулуктан кантип коргоого болот?**

1. Эгерде чоңдор тараптан кандайдыр бир коркунучту сезсе, ким экендигине карабастан алардын эркине көнбөөгө, «Жок» деп айтууга укугу бар экенин балаңызга үйрөтүңүз.

2. Эгер кимдир бирөө аны кармап алууга аракет кылып жатса, «Бул менин апам эмес!» (же «Бул менин атам эмес!») деп катуу кыйкыруу керектигин эскертиңиз. Бул айланадагылардын көңүлүн буруп, кылмышкерди чочутушу мүмкүн.

3. Балаңыз бир жакка жөнөп жатканда, кайсыл жерге бараарын, канчада келээрин билдириши, эгерде пландары өзгөрүп кала турган болсо, телефон чалып кабарлап коюшу керектигин үйрөтүңүз.

4. Баланы мектептен өзүңүз алып кетип жүрүңүз. Аны үйгө алып келүү үчүн башка бирөө барышы керек болуп калса, бул тууралуу мугалимге алдын ала айтып коюу зарыл.

5. Кандайдыр бир сыр сөздү (паролду) ойлоп таап, аны балаңызга үйрөтүп койгонуңуз оң. Эгерде бөтөн адам ал сыр сөздү билбесе, анын машинесине түшпө, аны менен эч жакка барба деп балага эскертиңиз.

6. Жалгыз жүргөндөн көрө достору менен сейилдөө, айрыкча кечкисин, кыйла коопсуз болоорун балаңызга түшүндүрүңүз. Жалгыз жүргөн балага кылмышкердин көңүлү дароо бурулат.

7. Балаңызга кол телефонду колдонууну үйрөтүңүз. Үй телефонунун жана жардам көрсөтүүчү кызматтардын телефон номерлерин бала жатка билүүгө тийиш.

8. Балаңызды ар жылы сүрөткө тартып туруңуз. Бала жоголуп кеткен учурда анын сырткы келбетин жана өзгөчө белгилерин так сүрөттөй алсаңыз, бала оңоюраак табылат.

9. Кандай окуя болбосун, аны балаңыз сизге айта жүрүшү керек. Сиз аны дайыма жакшы көрөөрүңүздү, эгерде ал жоголуп кете турган болсо, аны издөөдөн эч качан тажабай турганыңызга бала ишениши зарыл.

## 3.3. Мектептеги элдештирүү кызматы (Бишкек шаарындагы№33 мектеп-гимназиянын иш тажрыйбасынан)

Мектептеги элдештирүү кызматынын идеясы жана технологиясы Р. Максудов менен А. Коновалов[11] тарабынан жазылып, «Соттук-укуктук реформалар» борбору жана анын өнөктөштөрү тарабынан

11 Максудов Р., Коновалов А. Школьные службы примирения. Идея и технологии. – М., 2009. – 91 с

сунушталган. Анын идеялык негизин калыбына келтирүүчү сот адилеттиги түзөт. Калыбына келтирүүчү сот адилеттиги коомдогу опурталдуу чыр-чатактарды күч колдонуу аркылуу чечүүдөн баш тартууга жардам берет.

Калыбына келтирүүчү сот адилеттиги концепциясы кылмыш жасалган, зомбулук болгон, чыр-чатактуу кырдаалдарда, башкача айтканда, адамдар ортосундагы мамиле жек көрүмчүл, кекчил болуп, өз ара түшүнүү начарлап бараткан учурларда кодонулуучу ыкмалар, жолдор катары иштелип чыккан. Калыбына келтирүүчү сот адилеттиги чыр-чатактын натыйжасында кыйраган «социалдык өзөктү калыбына келтирүү» милдетин да аркалайт. Укук бузулган жагдайлардын катышуучуларына көмөк көрсөтпөй, элдешүү, ишенимди жандандырбай туруп, көчөдөгү, мектептеги, үй-бүлөдөгү зомбулуктун тамырын кыркуу мүмкүн эмес.

Мектептеги элдешүү кызматынын иш-аракетинин өзөгүн чатакташкан тараптар менен же зомбулук көрсөткөн жана жабырлануучу адам менен болгон элдештирүүчү жолугушуулар түзөт. Анда түзүлгөн кырдаалдан чыгуунун жолдору талкууланат. Жолугушуунун жүрүшүндө атайын даярдалган алып баруучулардын жардамы менен мамилелер оң тарабына өзгөрөт: тараптар жек көрүүдөн, каардануудан, агрессиядан бири-бирин түшүнүүгө өтө башташат. Бул иштин жыйынтыгында мамилени жөнгө салуу милдеттенмелери алынып, жүзөгө ашырыла баштайт, тараптар бири-бирин кечирип, түшүнөт, башкача айтканда, коомдун бүтүндүгүн, биримдигин камсыздаган эң жөнөкөй, бирок эң зарыл иш-аракеттер жасалат.

Мектептеги элдештирүү кызматында атайын даярдыктан өткөн окуучулар өздөрү алып баруучулук милдетти аткарышат.

Бул кызматтын ишине чоңдор көз салып турат. Адатта буга директордун тарбия иштери боюнча орун басары, социалдык педагогдор же мектеп психологдору жетекчилик кылат.

Аталган идеяны жана технологияны Бишкек шаарындагы №33 мектеп-гимназиясында жүзөгө ашыра башташкан. Биз бул жерде мектептин социалдык психологу О.Б. Сайфутдинова берген айрым материалдар менен тааныштырабыз. Буларды пайдаланып, ушундай кызматты өзүңүздөрдүн мектепте да түзсөңүздөр болот.

Көрүнөө жерге илинген төмөндөгү жарыяда мектептеги элдештирүү кызматынын негизги максаты жана милдеттери баяндалат.




Мектептеги элдештирүү кызматы балдардан жана чоңдордон түзүлөт. Алар ата-энелер, мугалимдер жана окуучулар менен кыйын кырдаалдарды жана чечүүнү талап кылган көйгөлөрдү талкуулап, татаал маселелерди тынчтык жолу менен чечүүгө, кырдаалдын келип чыккан себептерин түшүнүүгө жардам берет.

Бул жерде чатакташкан окуучуларды элдештирүү программасын жүргүзүүчү алып баруучунун көмөгү зор. Алып баруучу – эки жакка (таарынткан жана жабыркаган адамдарга) тең бирдей калыс карап, сүйлөшүүлөрдү уюштурган бейтарап арачы, ал таарынышкан тараптарды бир пикирге келүүгө, болуп өткөн окуяны териштирүүгө да жардам берет.

**Элдешүү программасы** – бул тартип бузган (таарынткан) жана жабыркаган (курмандык) тараптардын түзүлгөн кырдаалдан чыгуу, элдешүү келишимин түзүү боюнча ыктыярдуу жолугуп сүйлөшүүсү. Мындай программа эки тарап тең жолугушууга макул болгондо ишке ашат.

**Программага катышуудан кимдер кандай пайда алат?**

*1. Укук бузган өспүрүм:*

- жасаган ишинин себептерин жана натыйжаларын аңдап билет;
- кечирим сурап, күнөөдөн арылат;
- тийгизген зыянын ордун толтура алат;
- болуп өткөн чыр-чатактан айынан мектеп жана үй-бүлө менен бузулган мамилесин жакшыртып, өзүнө болгон сый-урматты калыбына келтире алат.

*2. Жабыркаган өспүрүм*

- кыжаалат санаалардан жана өч алуу ниетинен кутулат;
- адилеттик бар экенине ишене алат.

*3. Ата-энелер*

- балага кыйын турмуштук кырдаалда көмөк көрсөтүү, жоопкерчиликтүү жана ойлонулган кадам жасоого үйрөтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

Мектептеги элдештирүү кызматында бардык эле учурлар териштириле бербейт. Элдештирүү максатын көздөгөн жолугушууларга туура келгендерин гана тандоо эрежелери бар:

- каршылашкан тараптар белгилүү, чыр-чатак болгону анык;
- эки тараптын тең чыр-чатак бар экендигин моюнга алышы;
- чыр-чатак чыккандан кийин 1-2 күндөн кем эмес, бирок 1 айдан ашпаган убакыт өтсө;
- бул жагдай башка деңгээлдерде каралбаган болсо.

Баңгизаттарын колдонгон фактылар катталганда жана зомбулуктун башка катаал түрлөрү жасалган учурларда, бул программа жүргүзүлбөйт.

Эгерде сен түзүлгөн татаал кырдаалдан чыгуунун жолун издесең, анда Мектептеги элдештирүү кызматына, социалдык педагогдун кабинетине кайрылсаң болот.

Биздин дарек: Бишкек шаары, №33 мектеп-гимназия.

## №33-мектеп-гимназиясындагы элдештирүү кызматы (МЭК) жөнүндөгү ЖОБОСУ

### 1. Жалпы жоболор

1.1. Элдештирүү кызматы мектепте иштеген социалдык кызмат болуп эсептелет.

1.2. Элдештирүү кызматы ченемдик-укуктук актылардын, мектеп Уставынын жана ушул Жобонун негизинде иш алып барат.

**2. Элдештирүү кызматынын максаты жана милдеттери**

2.1. Элдештирүү кызматынын максаты окуучуларга, педагогдорго жана ата-энелерге чыр-чатактуу жагдайларда жардам көрсөтүү болуп саналат.

2.2. Элдештирүү кызматынын милдеттери:

- мектепте түзүлгөн чыр-чатактуу жагдайлардын катышуучулары үчүн элдештирүү программаларын жүргүзүү;
- окуучуларды чыр-чатакты тынчтык жолу менен жөнгө салууга үйрөтүү.

**3. Элдештирүү кызматынын иштөө принциптери**

Элдештирүү кызматы калыбына келтирүүчү сот адилеттигинин усулдарына негизделип, төмөндөгү принциптерге таянуу менен иш жүргүзөт:

3.1. *Ыктыярдуулук* принциби. Аталган кызматтын ишин уюштурууга окуучулар менен мугалимдердин өз эрки менен катышуусу, ошондой эле элдештирүү программасына катышууда чыр-чатакка аралашкан тараптардын сөзсүз макулдугу талап кылынат.

3.2. *Купуялык* принциби элдештирүү кызматын программанын жүрүшүндөгү алынган маалыматтарды ачыкка чыгарбоого милдеттендирет. Өмүргө, коопсуздукка, ден соолукка зыян келиши мүмкүн болгон жагдайларда гана тийиштүү маалыматтарды ачыктоого жол берилет.

3.3. *Бейтараптык* принциби. Элдештирүү кызматы чатакташкан тараптардын эч кайсынысына жан тартпашы керек. Элдештирүү кызматы тигил же бул тараптын күнөөлүү же күнөөлүү эместигин териштирбейт, ал тараптардын түзүлгөн кырдаалдан туура жыйынтык чыгарышына, өз алдынча чечим кабыл алышына жардам берүүчү бейтарап ортомчу болуп эсептелет.

**4. Элдештирүү кызматын түзүү тартиби**

4.1. Элдештирүү кызматынын курамына педагогдор, калыбына келтирүүчү сот адилеттиги боюнча окуулардан өткөн 8-11-класстын окуучулары кире алышат.

4.2. Аталган кызматты социалдык педагог, психолог же мектептин башка бир педагогикалык кызматкери жетектей алат. Директордун атайын буйругуна ылайык ага элдештирүү кызматынын жетекчисинин милдеттери жүктөлөт.

4.3. Элдештирүү кызматы социалдык педагогго, психологго же башка бир педагогикалык кызматкерге бизге туруктуу кеңешчи болуңуз деген сунушу менен кайрыла алат.

4.4. Аталган кызматтын курамына кирген бардык катышуучуларга коюлуучу талаптар, алардын милдеттери жана жоопкерчилиги,

ошондой эле бул Жободо белгиленбеген башка суроолор элдештирүү кызматында өз алдынча кабыл алынган башка ички актылар менен аныкталат.

**5. Элдештирүү кызматынын укуктары**

5.1. Окуучулар, мугалимдер жана ата-энелер ортосундагы чыр-чатактуу маселелерди чечүүгө катышуу.

5.2. Мектептин аймагына жыйналыштарды, анын ичинде жабык мүнөздөгү жыйналыштарды, элдештирүү программасынын алкагында жолугушууларды жана башка иш-чараларды өткөрүү.

5.3. Мектеп администрациясынын макулдугу менен чогулуштарды жана элдештирүү программаларын жүргүзүү үчүн туруктуу имаратты колдонуу.

5.4. Мектеп аймагынан атайын бөлүнгөн жерлерге билдирүүлөрдү жайгаштыруу, ата-энелер чогулушунда, класстык сааттарда бул кызматтын өкүлдөрүнүн чыгып сүйлөөсүнө убакыт алуу.

5.5. Өзүн-өзү башкаруу органдарына жана мектеп администрациясына элдештирүү программаларын жүргүзүү, чыр-чатактуу жагдайларды иштиктүү жол менен чечүү жана мындай көндүмдөрдү өнүктүрүү сунушу менен кайрылуу.

5.6. Элдештирүү программаларына даярдык көрүүдө жана жүргүзүүдө мектептин тарбия иштери боюнча жооптуу кызматкерлеринин уюштуруучулук жактан көрсөткөн колдоосуна таянуу.

5.7. Чыр-чатактуу жагдайларды чечүүдө биргелешкен аракеттерди көрүү үчүн мектептин психологун, социалдык педагогун ж.б адистерин тартуу.

5.8. Администрациянын макулдугу менен мектептин уюштуруу техникасын, байланыш каражаттарын пайдалануу.

5.9. Максатка жетүү үчүн социалдык кызматтар жана башка уюмдар, мекемелер менен өз алдынча мамилелерди түзүү.

5.10. Мектептин Уставына жана мыйзамдарга ылайык келүүчү башка укуктардан колдонуу.

**6. Элдештирүү кызматынын иштөө тартиби**

6.1. Элдештирүү кызматы болуп өткөн чыр-чатактуу жагдай тууралуу педагогдордон, окуучулардан, мектеп администрациясынан, аталган кызматтын өкүлдөрүнөн жана башка адамдардан тиешелүү маалыматтарды ала алат.

6.2. Элдештирүү кызматы ар бир конкреттүү учурга байланыштуу элдештирүү программасын жүргүзүү мүмкүн же мүмкүн эместиги тууралуу өз алдынча чечим кабыл ала алат.

6.3. Элдештирүү программасы чатакташкан тараптар бул иш-чарага катышууга макулдугун берген соң гана башталат.

6.4. Элдештирүү программасын жүргүзүү учурунда чыр-чатакты чечүү процессине мектеп кызматкерлеринин кийлигишүүсүнө жол берилбейт.

6.5. Элдештирүү программасы иликтөө же тергөө баскычында болсо, аны жүргүзүү мектеп админситрациясына маалымдалып, зарыл болгон учурда тиешелүү ички иштер органы менен макулдашылат. Ошондой эле аны жүргүзүүгө ата-энелердин макулдугу да сөзсүз талап кылынат.

6.6. Ата-энелер жана тиешелүү кызмат адамдары менен сүйлөшүүлөрдү элдештирүү кызматынын жетекчиси жүргүзө алат.

6.7. Укук бузуу, баңги затын колдонуу жана зомбулуктун катаал түрү менен байланышкан фактылар боюнча элдештирүү кызматы иш алып барбайт. Ошондой эле бул программага психикалык жактан жабыркагандар да катыша албайт.

6.8. Элдештирүү кызматы ар бир жагдайга байланыштуу аталган программаны жүргүзүүнүн мөөнөтүн жана баскычтарын өз алдынча аныктай алат.

6.9. Эгерде элдештирүү программасынын жүрүшүндө чатакташкан тараптар бир пикирге келе турган болсо, жетишилген жыйынтыктар элдешүү келишиминде көрсөтүлүшү керек. Зарыл болгон учурда, элдешүү келишиминин бир нускасын мектеп администрациясына берип, бул боюнча жаза колдонбоону өтүнүп, кайрыла алат.

6.10. Элдештирүү кызматы элдешүү келишиминдеги тараптар алган милдеттенмелердин аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. Милдеттенмелерди аткаруу учурунда кандайдыр бир көйгөйлөр жаралса, аталган кызмат ал кыйынчылыктардын келип чыгуу себептерин аңдап билүү жана аны чечүү жолдорун табуу үчүн тараптарга көмөк көрсөтөт.

**7. Элдештирүү кызматынын ишин уюштуруу**

7.1. Элдештирүү кызматына мектеп администрациясынын макулдугу менен иш-чараларды өткөрүү үчүн атайын жай бөлүнүп, мектептин уюштуруу техникасын, кеңсе буюмдарын, маалымат каражаттарын жана башка жабдууларын пайдалануу мүмкүнчүлүгү берилет.

7.2. Мектептин кызмат адамдары мугалимдер жана окуучулар арасына аталган кызматтын иш-аракети тууралуу маалыматтарды таратууга жардам берет.

7.3. Мектеп администрациясы чыр-чатактарды жөнгө салуу учурунда элдештирүү кызматынын ишине кийлигишпөөчүлүктү камсыздайт, бул кызматтын ишмердигине мугалимдер арасында оң мамилени калыптандыруу үчүн түшүндүрүү иштерин жүргүзөт.

7.4. Мектеп администрациясы социалдык кызматтар жана башка уюмдар менен биргеликте иштешүү жагынан элдештирүү кызматына көмөк көрсөтөт.

7.5. Эгерде элдештирүү программасы кылмыш иши козголгон факт боюнча өткөрүлгөн болсо, мектеп администрациясы айыпталып жаткан адамды мүнөздөгөн, анын мүлккө келтирилген зыянын өз эрки менен төлөп бере тургандыгын жана жабырлануучуга жасаган зыяндын ордун толтуруусун тастыктаган элдешүү келишимин иштин материалдарына кошуу жөнүндө өтүнмө жасай алат.

**8. Жыйынтыктоочу жоболор**

8.1. Бул жобо бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.

8.2. Бул жобого өзгөртүүлөр элдештирүү кызматынын сунушу менен киргизилип, директор тарабынан бекитилет.

Мектептеги элдештирүү кызматы балдардын жашоосуна чоңдордун тикелей кийлигишүүсүнөн арылууга мүмкүндүк берет, ал эми атайын даярдыктан өткөн окуучулар алып баруучулук кылып, өз ара мамиле түзүүнүн цивилизациялуу ыкмаларын коомго жайылтышат. Алар чыр-чатакты чечүүгө, кылмыштуулукту азайтууга өбөлгө түзүшөт.

# ТЕРМИНДЕР СӨЗДҮГҮ

**Агрессивдүү жүрүм-турум (зулумдук)** – топко же башка бир адамга карата зыян келтирүү үчүн күч колдонгон же андан күчтүүлүгүн көрсөтүүгө умтулган адамдын аракеттеринин бөтөнчө формасы.

**Баланы социалдык жактан көнүгүштүрүү** – турмуштук кыйын кырдаалда калган баланын коомдо кабыл алынган жүрүм-турумдардын эрежелерине жана ченемдерине ыңгайлашуусу, ошондой эле психологиялык жана моралдык жабыркоонун кесепеттерин жоюу процесси.

**Баланын негизги муктаждыктарына кайдигер кароо (ташбоордук)** – ата-эне же алардын ордун баскан адамдар тарабынан балага эң зарыл камкордуктун көрүлбөгөндүгү, мунун натыйжасында эмоционалдык абалынын бузулушу же ден соолугуна жана өнүгүүсүнө коркунуч келиши.

**Балдарга жасалуучу зомбулук** – балага күч менен көзөмөл жүргүзүүнү көздөгөн мамилелердин бардык түрү.

**Балдарга ырайымсыз мамиле** – ата-энелердин, тарбиячылардын жана башка адамдардын баланын психикалык же дене-бой саламаттыгына зыян келтирген иш-аракети (же зыяндан сактоо үчүн эч кандай аракет көрбөгөндүгү).

**Балдарга ырайымсыз мамиле жасоону педагогикалык алдын алуу** – бул баланын дене-бой жана психикалык өнүгүүсүнө зыян тийгизиши мүмкүн болгон жагдайлардын таасирин убактылуу азайтууга же жок кылууга багытталган педагогикалык ишмердиктин түрү. Бул жерде педагогиканын күчкө салбоо принциби ишенимдүү, чыр-чатаксыз, эффективдүү жана жемиштүү педагогикалык өз ара кызматташуунун негизги белгиси, педагогикалык толеранттуулуктун ыкмасы катары колдонулат.

**Девианттуу жүрүм-турум** – коомчулуктун көз карашына, социалдык жана моралдык ченемдерге туура келбеген жүрүм-турум.

**Делинквенттүү жүрүм-турум** – коомдо, мамлекетте кабыл алынган укуктук ченемдерге туура келбеген; ар кандай укук бузуучу иш-аракетке, кылмышка алып келүүчү жүрүм-турум.

**Дене-бойго зомбулук** – ата-энеси же асыроочулары тарабынан 18 жашка чейинки баланын денесине атайылап келтирилген ар түрдүү жаракаттар. Ата-эненин денеге келтирилүүчү жаракаттарды болтурбоого атайын аракет кылбагандыгы да ушундай зомбулуктун бир түрү катары саналат.

**Кыйын турмуштук кырдаалда калган балдарды коргоо** – кыйын кырдаалда калган балдарды социалдык жактан кайра калыбына келтирүүгө жана көнүгүштүрүүгө (адаптациялоого), социалдык жактан колдоого, орноштурууга багытталган социалдык-экономикалык, социалдык-медициналык, социалдык-укуктук жана башка мүнөздөгү кызматтарды көрсөтүүчү иш-чаралардын комплекси.

**Психикалык (эмоционалдык) зомбулук** – баланын инсан катары өнүгүүсүнө зыян тийгизүүчү, анын мүнөзүнүн бузулушуна алып келүүчү, үзгүлтүксүз же мезгил-мезгили менен, узак убакытка созулган таасирлер.

**Сексуалдык зомбулук жана азгырып бузуу** – пас кумарын канааттандырууну же кандайдыр бир пайда көрүүнү максат кылган чоң адамдар менен жыныстык катнашка баланын түшүнүп же түшүнбөй (функционалдык жактан жетилбегендик же башка себептерге байланыштуу) тартылышы.

**Социалдык жактан кайра калыбына келтирүү (реабилитациялоо)** – мамлекеттик жана мамлекеттик эмес мекемелер, уюмдар тарабынан баланын жок кылынган же начарлатылган социалдык байланыштарын, абалын калыбына келтирүүгө, ошондой эле анын жашоо чөйрөсүн толуктоого багытталган, балага кам көрүүнү күчөткөн иш чаралар комплекси.

**Социалдык ченемдер** – адамдардын иш-аракетин, белгилүү бир маданияттын баалуулуктарына негизделген коомдук турмушту жөнгө салуучу, коомдун туруктуулугун бекемдөөчү укуктук жана моралдык жүрүм-турум үлгүлөрү менен стандарттары.

**Социалдык-педагогикалык алдын алуу (профилактика)** – балдардын жана өспүрүмдөрдүн өсүп жетилиши үчүн жагымдуу социалдык кырдаалды түзүүгө багытталган социалдык тарбия берүү чараларынын тутуму. Бул жагынан үй-бүлө жана мектеп негизги роль ойнойт.

**Социалдык-педагогикалык ишмердик** – баланын коомго аралашуусуна көмөктөшүп, анын инсан катары өз мүмкүнчүлүктөрүн жүзөгө ашырышы үчүн зарыл шарттарды түзүүгө багытталган кесипкөй ишмердик.

**Социум** – бул баланын айлана-чөйрөсүн, жакынкы мейкиндигин түзгөн үй-бүлө, билим берүү мекемелери, өзү теңдүүлөрдүн тобу жана балага түздөн-түз катышы бар коом.

**Турмуштагы татаал жагдай** – жарандын жашоо-тиричилигин бузган объективдүү кырдаал (майыптыгы, улгайгандыгына же оорусуна, жетимдигине, кароосуздугуна, аз камсыз болгондугуна, жумушсуздугуна байланыштуу өзүн-өзү багууга жөндөмсүздүгү, туруктуу жашоо жайынын жоктугу, жалгыздыгы, үй-бүлөдөгү чыр-чатак же ырайымсыз мамиле ж.б. жагдайлар), ошондой эле бул кырдаалдан өз алдынча

чыгуу мүмкүнчүлүгү чектелгендигине байланышкан моралдык-психологиялык абалы.

**Турмуштук катаал жагдайда калган балдар** – куралдуу жана эл аралык чыр-чатактардан, экологиялык жана техногендик кыйроолордон, жаратылыш кырсыктарынан жабыр тарткан ата-энелердин, качкындардын жана күтүүсүз оор кырдаалдардан улам көчүүгө аргасыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдары, тарбиялык колонияларда эркиндигинен ажыратылып, мөөнөтүн өтөп жаткандар, атайын окуу-тарбия мекемелеринде билим алуучулар, түзүлгөн жагдайдан улам үй-бүлөдөгү абалы оордоп, аны өз алдынча же үй-бүлөсүнүн жардамы менен чече албаган, аз камсыз болгон үй-бүлөдө жашаган, психикалык жана/же дене-бой өнүгүүсүндө кемчилдиги бар, ата-эненин камкордугусуз калган балдар.

**Үй-бүлө** – мүлктүк жана мүлккө тиешесиз жеке укуктарга, милдеттерге байланышкан, нике, туугандык, асырап алуу же башка жолдор менен баланы тарбиялоого алган, үй-бүлө мамилелерин өнүктүрүүгө жана бекемдөөгө милдеттүү адамдардын чөйрөсү.

# СУНУШ КЫЛЫНГАН АДАБИЯТТАР


1. Азаров Ю.П. Семейная педагогика. – М., Аргументы и факты, 1993.
2. Акташева Ю.А. Деятельность школьного социального педагога по защите прав ребенка//Социальная педагогика. – М., 2012. – №1. – С.41-46.
3. Асанова Н.К. Руководство по предупреждению насилия над детьми, – М., Издательский гуманитарный центр ВЛАДОС, 1997. – 160 с.
4. Галагузова Ю.Н., Шеланков В.Е. Кто защитит ребенка в школе// Педагогика. – М., 1994. – №5.
5. Кыргызстандагы мектепке барбаган балдар. – Б., «Эл пикир» коомдук пикирди изилдөө борбору, 2007. – 109 б.
6. Кыргыз Республикасындагы үй-бүлөлөрдө балдарга катаал мамиле жана алардын муктаждыктарына кайдигерлик. – Б., ЮНИСЕФ, 2010. – 142 б.
7. Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөдөгү зомбулуктан социалдык-укуктук коргоо жөнүндө» мыйзамы, 2003-жылы 25-мартта кабыл алынган.
8. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы, 2003.
9. Кыргыз Республикасынын «Жашы жете электердин укуктарын сактоо жана коргоо жөнүндө» мыйзамы, 1999.
10. Закатова И.Н. Социальная педагогика в школе. – М.,1996.
11. Закратов В. Дисфункциональная семья как предмет и объект исследования социальной педагогики//Социальная педагогика. – М., 2006. – №1. – С. 41-51.
12. Земляных М.В., Заиченко Е.С. Жестокое обращение с детьми: диагностика, коррекция, профилактика. Методическое руководство для врачей, психологов, педагогов, социальных работников и студентов ВУЗов. – Б., 2003. – С. 144.
13. Иванченко Е.А. Стратегии поведения в конфликтной ситуации// Социальная педагогика. – М., 2012. – №3. – С. 52-57.
14. Ильина Г.А. Жестокое обращение с детьми как педагогическая проблема (Опыт США) / Г.А. Ильина // Учебно-методическое пособие. – М., МСЭИ, 2008. – 40 с.
15. Баланын укуктары жөнүндө конвенция, 1989-ж.

16. Кызалакова А., Турдубекова Н. и др. Профилактика рэкета в школах Кыргызстана. Методическое пособие по предотвращению рэкета в общеобразовательных учреждениях. – Б., 2011. – 114 с.
17. Листратенко Н. Семейные взаимоотношения и их влияние на развитие личности ребенка//Социальная педагогика. – М., 2006. – М. – №2. – С. 88-93.
18. Литвинова М.И., Алишева А.Р. и др. Конфликт и дети: из опыта реабилитации пострадавших в районах вооруженного конфликта. – Б., Институт региональных исследований (Кыргызстан), 2011. – 36 с.
19. Максудов Р., Коновалов А. Школьные службы примирения. Идея и технологии. – М., 2009. – 91 с.
20. Мошкова И.Н., Осухова Н.Г. и др. Экстремальные ситуации в личностном развитии ребенка//Социальная педагогика. – М., 2012. – №3. – С. 43-52.
21. Мусабекова Ч.А., Тугельбаева Б.Г. и др. Превентивная роль органов прокуратуры в предотвращении насилия в семье. – Бишкек, 2003. – С. 71-93.
22. Никитина Л. Содержание работы социального педагога в образовательном учреждении // Воспитание школьников. – М., 2001. – №1. – С. 33-36.
23. Алишева А.Р., Васильева Г.В. и др. Насилие над детьми в школе: анализ законодательства и политики Кыргызской Республики (отчет подготовлен для ЮНИСЕФ) – Б., 2008.
24. Отчет по исследованию распространенности и динамики насилия в школах Кыргызстана. – Б., ЮНИСЕФ, 2011. – 94 с.
25. Права несовершеннолетних в документах и нормативных актах/сост. Ч.И. Джакупова, Г.Д. Шакиралиева и др. – Б., 2007. – 380 с.
26. Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодекси, 2003.
27. Социальная педагогика в Кыргызстане: проблемы и перспективы. Сборник докладов. – Б., «Maxprint», 2012. – 90 с.
28. Социально-психологическая помощь детям – жертвам семейного насилия /Сборник научно-методических материалов. Под общей ред. Н.Н. Ершовой. – М., 2005.
29. Тепляков В.В. Сокрушите отчаяние и гнев в сердцах своих// Социальная педагогика. – М., 2012. – №5. – С.20-23.
30. Токарь И.Е. Детская агрессия как педагогическая проблема// Социальная педагогика. – М., 2012. – №2. – С. 97-103.
31. Шапиро Д. Конфликт и общение: Путеводитель по лабиринту регулирования конфликтов. – Кишинэу, Изд-во «ARC», 1997. – 320 с.

32. Шишковец Т.А. Справочник социального педагога. – М., ВАКО, 2005. – 208 с.
33. Щекина О. Взаимодействие семьи и школы в современной социально-образовательной ситуации. – М., 2006. – №2. – С. 73-77.
34. Хайрулина А., Карпушина Т. и др. Профилактика насилия и обучение жизненным навыкам. Пособие по проведению тренингов. – Алматы, 2004. – 80 с.

# ТИРКЕМЕ

## Кыргыз Республикасынын мыйзамдык-укуктун документтеринен үзүндүлөр

### Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндөгү кодекси[12]

### 12-бап. Кылмыштуулуктан же зомбулуктан жабыр тарткан балдарды коргоонун өзгөчөлүктөрү

*99-берене. Зомбулукка туш болгон балдарды аныктоо*

1. Ата-энелер, аларды алмаштырган адамдар, органдар жана билим берүү мекемелери, андагы балдарды тарбиялоо милдети жүктөлгөн кызматкерлер, медициналык жана башка мекемелер, балага жасалган зомбулуктун белгилери байкалган (аныкталган) учурда, тиешелүү чара көрүү укук коргоо органдарына жана алардын балдарды коргоо боюнча аймактык бөлүмдөрүнө кайрылууга тийиш.

2. Зомбулук фактысын жаап-жашырган адамдар мыйзам жоопкерчилигине тартылат.

*100-берене. Зомбулукка учураган балдарга көрсөтүлүүчү мамлекеттик жардам*

1. Ырайымсыз мамиледен же зомбулуктан жабыркаган баланын дене-бой саламаттыгын жана психологиялык бакубаттыгын калыбына келтирүү зарылдыгынан улам, милдеттүү түрдө медициналык, укуктук, психологиялык жардам көрсөтүлүшү жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аны реабилитациялоо иштери жүргүзүлүшү зарыл.

2. Ушул березенин 1-бөлүгүндө каралган жардамды берүүгө тоскоолдук кылган адамдар мыйзам жоопкерчилигине тартылат.

---

12 Кодекс Кыргызской Республики о детях, 2012.

*101-берене. Ата-энелердин, аларды алмаштыруучулардын, ырайымсыз мамилеге жана зомбулукка учураган балдарды коргоо боюнча жооптуу кызматтагы адамдардын милдеттери*

1. Ата-энелер, аларды алмаштыруучу адамдар, мамлекеттик жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын жооптуу кызматкерлери, медициналык мекемелер, укук коргоочу жана башка ыйгарым укуктуу органдар зомбулукка же ырайымсыз мамилеге учураган балдардын дене-бой саламаттыгын, психологиялык бакубаттыгын кайра калыбына келтирүү жана күнөөлүлөрдү жазага тартуу боюнча бардык чараларды көрүүгө тийиш.

2. Баланын укуктарынын андан-ары бузулушуна жол берип, кызматтык милдеттерин жакшы аткарбаган адамдар мыйзамда белгиленген тартипте жоопкерчиликке тартылат.

*102-берене. Зомбулуктан жана ырайымсыз мамиледен жабыркаган баланы коргоо*

1. Кылмыштан же зомбулуктан жабыр тарткан баланын өмүрүнө же ден соолугуна коркунуч туулган учурда, бул жагдайды ачыкка чыгарган адамдар жашы жете элек баланы балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдар тарабынан аныкталган коопсуз жай менен камсыздоого милдеттүү.

Зомбулуктан жана кылмыштан жабыр тарткан бала кабылган жагдайларды аныктоо жана белгилөө ыкмалары, жолдору, мамлекеттик жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын бул багыттагы башка ишмердиги баланын кызыкчылыгына жооп бериши керек.

2. Тиешелүү органдардын зомбулуктан жана кылмыштан жабыр тарткан бала кабылган жагдайларды аныктоого жана белгилөөгө багытталган экспертизалары жана иш-аракеттери жашы жете элек балага карата жасалган зомбулук же кылмыш фактысы боюнча кайрылуу түшкөндөн 10 суткадан кечиктирбестен жүргүзүлүшү керек. Зарыл жагдайлар болгон учурда бул мөөнөт прокурор же сот тарабынан узартылышы мүмкүн.

## Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөдөгү зомбулуктан социалдык-укуктук коргоо жөнүндөгү» мыйзамы[13]

Бул Мыйзам үй-бүлөдөгү зомбулуктан жабыркагандардын социалдык-укуктук жактан коргоо жаатындагы мамилелерин жөнгө салат. Бул Мыйзамда бекитилген үй-бүлөдөгү зомбулуктан социалдык-укуктук жактан коргоо чаралары инсандын, үй-бүлөнүн жана коомдун коопсуздугунун ажыратылгыс бөлүгү болуп саналат.

### II бөлүм. Үй-бүлөдө зомбулукка кабылуучу субъектилер чөйрөсү

*5-берене. Үй-бүлөдө зомбулукка кабылуучу субъектилер*

Үй-бүлөдө зомбулукка кабылуучу субъектилерге (жабырлануучуларга) үй-бүлө мүчөлөрү, ошондой эле алар менен бирге жашаган туугандары кирет. Дене-боюна, психикасына ар түрдүү зыян келтирилген адам үй-бүлөдөгү зомбулуктан жапа чеккен деп эсептелет.

*6-берене. Үй-бүлөдөгү зомбулуктан жабыркагандардын укуктары*

Үй-бүлөдөгү зомбулуктан жабыркагандардын төмөнкүдөй укуктары бар:

- үй-бүлөдө ага карата зомбулуктун же ал боюнча коркутуу фактыларынын болгондугу тууралуу ички иштер органдарына же прокуратурага мамлекеттик же расмий тилде арыз менен кайрылуу;
- медициналык мекемеге жеткирилүү жана алгачкы медициналык жардам алуу;
- өз каалоосу менен коопсуз жайга же социалдык тейлөөчү атайын мекемелерге жайгашуу;
- коопсуздугунун корголушу боюнча маалыматтарды, юридикалык жардамдарды жана кеңештерди алуу;
- зомбулук жасаган адамдын жүрүм-турумун коомчулук уяткарышы үчүн жашаган жериндеги аксакалдар сотуна кайрылуу;
- зомбулук жасаган адамды административдик же жазык жоопкерчилигине тартуу үчүн тиешелүү органдарга кайрылуу же коргоо ордерин алуу.

---

13 Закон Кыргызской Республики «О социально-правовой защите от насилия в семье». Бишкек, 2003.

## III бөлүм. Үй-бүлөдөгү зомбулукту алдын алуу жана токтотуу, зомбулуктан жабыр тарткандарга социалдык колдоо көрсөтүүчү субъектилер чөйрөсү, алардын укуктары жана милдеттери

*11-берене. Үй-бүлөдөгү зомбулуктан жабыр тарткандарга социалдык жардам көрсөтүүчү мамлекеттик органдардын, уюмдардын жана мекемелердин милдеттери*

Үй-бүлөдөгү зомбулуктан жабыр тарткандарга социалдык жардам көрсөтүүчү мамлекеттик органдарга, уюмдарга жана мекемелерге төмөндөгүлөр кирет: мамлекеттик администрациялар, жашы жете электер менен иш алып барган комиссиялар, билим берүү, саламаттыкты сактоо, социалдык коргоо органдары.

Жогоруда аталган органдар үй-бүлөдөгү зомбулукту алдын алуу жана жабырлануучуларга социалдык көмөк көрсөтүү боюнча чыгарылган чечимдердин аткарылышына көзөмөл жүргүзүүнү камсыз кылышат; зомбулукту алдын алуу боюнча программаларды иштеп чыгышат; үй-бүлөдөгү зомбулуктун чыгыш себептерин жана шарттарын изилдешет; калктын ар түрдүү социалдык топторуна бул тууралуу түшүндүрүү иштерин жүргүзүшөт.

Үй-бүлө боюнча мыйзамдарда каралган негиздер бар болсо, жашы жете электер менен иш алып барган комиссия үй-бүлөнүн жашы жете элек мүчөсүнө зомбулук көрсөткөн ата-энелерди ата-энелик укугунан ажыратуу боюнча сотко өтүнмө жолдой алат.

## IV бөлүм. Үй-бүлөдөгү зомбулуктан социалдык-укуктук коргоону уюштуруу

*13-берене. Үй-бүлөдөгү зомбулуктан социалдык-укуктук коргоо органдары, уюмдары жана мекемелери*

Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктан социалдык-укуктук коргоо төмөндөгүлөр аркылуу ишке ашырылат:

- социалдык коргоо органдары;
- саламаттыкты сактоо жана билим берүү органдары;
- жашы жете электер менен иш алып барган комиссиялар, асыроо жана камкордук көрүү органдары;
- жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары (жергиликтүү кеңештер);
- мамлекеттик эмес адистештирилген социалдык тейлөө мекемелери, үй-бүлөдөгү зомбулуктан жабыр тарткандарды социалдык жактан тейлөө менен алектенген жарандар жана бейөкмөт уюмдар;

- Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдарына ылайык, сот, прокуратура, ички иштер органдары.

*16-берене. Үй-бүлөдөгү зомбулуктан социалдык-укуктук коргоо үчүн негиздер*

Үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктан социалдык-укуктук коргоо үчүн негиз болуп, зомбулуктан жабыркагандардын жардам сурап кайрылуусу, бул боюнча аныкталган фактынын бар экендиги жана ички иштер же социалдык коргоонун аймактык органдары тарабынан тастыкталган үй-бүлө мүчөлөрүнүн өмүрүнө же ден соолугуна коркунуч туудурган турмуштук татаал жагдайлар эсептелет.

*19-берене. Үй-бүлөдөгү зомбулук боюнча маалыматтарды берүү тартиби*

Жашы жете электерге жасалган үй-бүлөдөгү зомбулук боюнча алынган маалыматтарды билим берүү мекемелеринин кызматкерлери тийиштүү чараларды көрүү үчүн ички иштер органдарына же прокуратурага берүүгө милдеттүү. Зомбулуктун болгондугу тууралуу фактылар жергиликтүү бийлик органдары же асыроочу жана камкорчу органдар тарабынан аныкталса, алынган бардык маалыматтар текшерүү үчүн ички иштер органдарына же прокуратурага берилиши шарт.

Ички иштер органдары же прокуратура үй-бүлөдө зомбулуктун болгондугу тууралуу оозеки же жазуу түрүндөгү маалыматтарды алган учурда, аны болтурбоо жана жабырлануучуну зомбулуктун андан ары уланышынан коргоо боюнча шашылыш чараларды көрүүгө милдеттүү.

Зомбулуктан жабырлануучу жашы жете элек же аракет жөндөмүсүз же аракет жөндөмү чектелүү болсо, маалыматты өткөрүп берүү үчүн макулдук алуу талап кылынбайт.

*20-берене. Үй-бүлөдөгү зомбулуктан социалдык-укуктук коргоодо маалыматтардын купуялыгы*

Үй-бүлөдөгү зомбулуктан жабыркагандарга социалдык-укуктук жардам көрсөтүүдө, анын ден соолугуна, турмуш шартына, жеке жашоосуна жана жеке мүнөздөгү сырларына тиешелүү бардык маалыматтар мыйзам тарабынан корголот. Жеке мүнөздөгү маалыматтар кылмыш иши козголгондо же административдик чара көрүүгө байланыштуу жагдайларда жабырлануучунун макулдугу менен гана колдонулушу мүмкүн.

Социалдык-укуктук коргоо көрсөтүүнүн жүрүшүндө өздөрүнүн кызмат абалына байланыштуу билген адамдар зомбулук болуп өткөн үй-бүлө же анын айрым мүчөлөрү тууралуу купуя маалыматтарды

мыйзамда каралган жагдайлардан башка учурларда жайылтууга уку-гу жок. Бул маалыматтар ачыкка чыгарылса, жогоруда белгиленген адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде жоопко тартылышат.

# МАЗМУНУ


**КИРИШҮҮ. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3**

**1-БАП. БАЛДАРГА КАРАТА ЫРАЙЫМСЫЗ МАМИЛЕ: НЕГИЗГИ ТҮШҮНҮКТӨР . . . . . . . . . . . . . . . 5**

1.1. Балдарга ырайымсыз мамиле кылуунун түрлөрү жана факторлору . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .5

1.2. Балдарга ырайымсыз мамиле кылуунун диагностикалык белгилери . . . . . . . . . . . . . . . .9

**2-БАП. БАЛА ЫРАЙЫМСЫЗ МАМИЛЕГЕ КАБЫЛГАНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ПРОФИЛАКТИКАЛЫК ИШТЕРДИН ТУТУМУ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 15**

2.1. Балага карата ырайымсыз мамилени социалдык жактан алдын алуу тутумунун өзгөчөлүктөрү. . . . . . 15

2.2. Жагдайды көзөмөлдөө технологиясы адистердин зордук-зомбулуктун алдын алуу боюнча биргелешип иштешүү ыкмасы катары . . . . . . . . . . . . . . . 21

**3-БАП. МЕКТЕПТЕ БАЛДАРГА ЫРАЙЫМСЫЗ МАМИЛЕНИ БОЛТУРБОО БОЮНЧА СОЦИАЛДЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК АЛДЫН АЛУУ ИШТЕРИ . . . . . . 32**

3.1. Мектепте балага зордук-зомбулук жасалары аныкталгандагы социалдык алдын алуу иштери . . . . 32

3.2. Балдарга жасалуучу ырайымсыз мамилени алдын алуу боюнча мектептеги педагогикалык алдын алуу иштери . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 44

3.3. Мектептеги элдештирүү кызматы (Бишкек шаарындагы№33 мектеп-гимназиянын иш тажрыйбасынан) . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 65

**ТЕРМИНДЕР СӨЗДҮГҮ . . . . . . . . . . . . . . 73**

**СУНУШ КЫЛЫНГАН АДАБИЯТТАР . . . . . . . . . 76**

**ТИРКЕМЕ. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 79**

Кыргыз Республикасынын мыйзамдык-укуктун документтеринен үзүндүлөр . . . . . . . . . . . . . . 79

Иманкулова Макил Токтогуловна

**Социалдык педагогика:**
**балдарга карата ырайымсыз мамиленин алдын алуу**

Жалпы билим берүү мекемелериндеги
социалдык педагогдор үчүн колдонмо

Терүүгө берилди 14.02.13.
Басууга 12.03.13 тапшырылды.
А5 форматы.
Нускасы 400 даана.

ST.art Ltd. басмаканасында басылган.